Мухаммад Хашим Камали

# ТАЖДИД, ИСЛАХ ЖАНА ИСЛАМ ӨНҮГҮҮСҮНДӨГҮ КАЙРАДАН ЖАНДАНУУЛАР



АТАЙЫН ЧЫГАРЫЛЫШТЫН 27-СЕРИЯСЫ

**Мухаммад Хашим Камали**
**Mohammad Hashim Kamali**

# Тажид, ислах жана ислам өнүгүүсүндөгү кайрадан жанданyулар

**Tajdid, Islah and Civilisational Renewal in Islam**

Ислам ойлору Эл аралык институту (IIIT)

*Бишкек - 2021*

**УДК 297**
**ББК 86.38**
**М 92**

Автору: **Мухаммад Хашим Камали**
Таждид, ислах жана ислам өнүгүүсүндөгү кайрадан жандануулар
Которгон: **Г. Жалилова.** – Б.: 2021
Китептин редактору: **Беделбек кызы Вера**

Бул китеп жалпы окурмандарга, Ислам динине кызыккандарга, Ислам динин изилдегендерге өтө пайдалуу. Бул китептин өзгөчөлүгү – исламга болгон жаңы көз карашты сунуштайт. Мусулмандардын калыптанып калган эски көрүнүштөрдөн арылып, чыныгы ийгиликке жеткире турган жолдору чагылдырат.

Китеп «Ихсан Хайрия» коомдук фонду тарабынан бастырылган

**Бул китеп Кыргызстан мусулмандарынын дин башкармасы тарабынан тастыкталат. №93**

**Таждид, ислах жана ислам өнүгүүсүндөгү кайрадан жандануулар (Kyrgyz)**
*Мухаммад Хашим Камали*
*Атайын чыгарылыштын 27-сериясы*

© Ислам ойлору Эл аралык институту (IIIT)
1442 AH / 2021 CE
*Paperback* ISBN:978-9967-9329-2-0

**Tajdid, Islah and Civilisational Renewal in Islam (Kyrgyz)**
*Mohammad Hashim Kamali*
*Occasional Paper Series 27*

© The International Institute of Islamic Thought (IIIT)
1439 AH / 2018 CE
*Paperback* ISBN: 987-1-56564-987-3
IIIT
P.O.Box 669
Herndon, VA 20172, USA
www.iiit.org

Бардык укуктар корголгон.

**УДК 297**
**ББК 86.38**

# МАЗМУНУ

Кириш сөз....................................................................................4
Киришүү жана кыскача мазмуну.............................................................6
Мааниси жана колдонуу чөйрөсү.............................................................7
Жаңылануу (таждид) тууралуу алгачкы маалыматтар...........................12
Жандануу (ислах) жана жаңылануу (таждид):
XX кылымдагы өнүгүүлөр.......................................................................18
Исламдын кайрадан жандануусу,
азыркы учур жана жаңылануу (таждид)..................................................23
Башкы максаттардын (макасиддин) маанилүүлүгү................................27
Жаңылануунуу (таждидди) сындоо.........................................................29
Теологиялык жаңылануга чакырык.........................................................32
Өнүгүүнүн жаңылануусу (таждид хадари).............................................37
Корутунду жана сунуштар.......................................................................42
Шилтемелер ...........................................................................................46

# КИРИШ СӨЗ

**Ислам ойлору Эл аралык институту** (IIIT, мындан ары ИОЭИ) Малайзия исламдык изилдөөлөрдүн алдыңкы Эл аралык институту (IAIS, мындан ары ИИАЭИ) менен биргеликте *Атайын чыгарылыштын 27-сериясында* белгилүү окумуштуу, ислам укуктары жана юриспруденция боюнча адис Мухаммад Камалинин "*Тажсдид, ислах жана исламдын өнүгүүсүндөгү кайраан жаңылануулары*н" чоң кубаныч менен сунуштайт. Мухаммад Камали ар түрдүү шариат темалары боюнча көптөгөн эмгектерди жарыкка чыгарган жана анын: "*Ислам юриспруденциясынын принциптери*; *Шарият мыйзамы: Киришүү* жана *хадис окууларынын окуу куралы*" деген эмгектери бүткүл дүйнө жүзү боюнча англис тилдүү университеттерде сурап-билүү материалдары катары колдонулууда.

Бул китептин негизги максаты – өнүгүүнүн кайрадан жандануусунда Ислам ойлору анын ажырагыс бөлүгү экендигин ачып берүү. Китепте *тажсдид* менен *ислахтын* мааниси, аныктамасы жана алгачкы булактары, алардын *ижтихад* менен болгон байланышы, исламдын тарыхындагы демилгечилердин эмгектеринде орун алгандыгы тууралуу кеп козголот.Ошондой эле, азыркы таптагы мусулмандардын күч-аракеттеринин өнүгүү жолундагы өз ара жуурулушуусунун максаттарын көздөп, аларды бүткүл элдин пайдасына багыттоочу *тажсдид* менен байланышкан формулаларды жана колдонмо эрежелерин иштеп чыгат.

Ислам жыл санагына ылайык берилген даталар (*хижра*) АН белгиси менен белгиленди, мындай белгини коюунун зарылдыгы жок жерлерде даталарды белгилөө григориан жыл санагы боюнча жана СЕ белгиси менен берилди. Араб тилиндеги сөздөр кыйгач белгилөө менен өзгөчөлөнүп, жалпы колдонууга кирип калган заманбап эмес деп эсептелинген аттардан сырткары аттарга гана айырмалоо белгилери коюлду.

ИОЭИнун түптөлүү мезгилинен баштап, олуттуу илимий иш-аракеттердин ишке ашуусуна көмөк көрсөтүүчү ири борбор катары кызмат кылып келүүдө. Ушул максаттарды аркалоо менен аталган уюм ондогон жылдар аралыгында көптөгөн изилдөө программаларын, семинар жана конференцияларды өткөрдү, ошондой эле азыркы күндө англис жана араб тилдеринде 70тен ашуун аталыштагы коомдук илимдер жана диний дисциплиналар чөйрөсүндө адистештирилген илимий эмгектерди басып чыгарды, булардын көпчүлүгү башка негизги тилдерге которулган.

2008-жылы Куала-Лумпурда түзүлгөн Малайзия исламдык изилдөөлөрдүн алдыңкы эл аралык институту ислам жана азыркы учурдун маселелери үчүн тажрыйбалык мааниси бар объективдүү илимий изилдөөлөргө адистештирилген көз карандысыз изилдөө институту болуп саналат. Саналуу кыска убакыт ичинде Малайзия, мусулман дүйнөсү жана исламдын башка дүйнөлүк өнүгүүлөр менен мамилелери үчүн керектүү болгон семинарлар жана макалалар өткөрүлүүчү күчтүү коомдук форумга айланды. Малайзия ар төрт айда бир чыгуучу *Islam and Civilisational Renewal* (ICR), ар эки айда бир чыгуучу *IAIS Bulletin and Islam and Contemporary Issues* журналдарын, китептерди, монографияларды жана *окуяларды баяндоо сериясын* жарыкка чыгарып турат. Акыркы тогуз жыл ичинде исламга жана мусулман дүйнөсүнө байланыштуу темаларда 280ге жакын кечелер, семинарлар, тегерек столдор, улут жана эл аралык конференциялар кеңири масштабда өткөрүлдү. Малайзия ИИАЭИнин иш–аракеттери жана басылмалары тууралуу кеңири маалыматтарды www.iais.org.my. дан тапса болот. Профессор Камалинин өздүк вебсайты www.hashimkamali.com.

ИОЭИнин Лондондогу кеңсеси жана ИИАЭИ
Куала-Лумпур, Малайзия
2018-жыл, февраль

# Таждид, ислах жана ислам өнүгүүсүнүн кайрадан жандануусу

## КИРИШҮҮ ЖАНА КЫСКАЧА МАЗМУНУ

Ислам идеясынын тарыхы *ислах* жана *таждиддин* эрежелеринде камтылган ички жандануулардын жана өзгөрүүлөрдүн үзгүлтүксүз салты менен мүнөздөлөт. Негизги максат кайрадан жандандыруу жана өзгөртүү тартиптери аркылуу Куран менен сүннөттүн өзгөчө, көп кырдуу үлгүлөрүнө ылайык болуп жаткан чындыкты жана коомдук өзгөрүүлөрдү алып келүү. Ошентип, *ислах-таждид* салты ар дайым мусулмандардын азыркы абалына чакырык таштайт жана түшүндүрүү ыкмалары, *ижтихад* аркылуу, ошондой эле исламдын алгачкы билдирүүлөрүнө карата негизсиз шек жаратууларды четке кагуу менен Куран менен сүннөттүн жаңы түшүндүрмөлөрүн ишке ашырууга түрткү болот.[1]

Бул китеп эки бөлүмдөн турат, биринчи бөлүгү *таждидди* талдоону, анын аныктамасын жана колдонуу чөйрөсүн, алгачкы булактарын жана илимий өнүгүүлөрдүн таасирин камтыйт. Ал эми экинчи бөлүгү, исламдык кайрадан жандануу кыймылдары, Батыш заманбаптыгына, динден алыстоого болгон жооп аркылуу *ислахка* кайрылат. Батыштын исламга чакырык таштоосу *ислах* жана *таждидге* жаңы кызыгууну жараткан мамилелердин пайда болуусуна түрткү болду. *Макасиддин ислах* жана *таждидге* болгон учурдагы катышына арналган кыскача талкуу, андан кийин мусулман ойчулдарынын эмгектеринен алынган батышты сындоо жана жооптор баяндамасы берилет. Акыркы бөлүк ислам түшүнүгүндө өнүгүүнүн кайрадан жандануусу кандайча түшүндүрөөрү тууралуу маселеге багытталган. Китеп корутунду жана кээ бир сунуштамалар менен аяктайт.

# МААНИСИ ЖАНА КОЛДОНУУ ЧӨЙРӨСҮ

Таждид – бир нерсе жаңы жасалганда жана пайда болгондо, же ал баштапкы калыбына келген учурда кайрадан жандануу деген маанини түшүндүрөт. Жаңылануунун мындай түрү тиешелүү нерсеге кандайдыр бир өзгөрүүлөрдү киргизет: бир нерсе бизге алгачкы калыбында белгилүү болот, анан ал бара-бара аны өзгөртүүгө дуушар кылган факторлор тарабынан толукталат. Качан гана ал өзгөртүүлөргө чейинки абалына кайра жеткенде, ал таждид болуп саналат. Ошондой эле, *таждид* бурмалоолордун жана кайдыгерликтин курманы болгон, өзүнүн баштапкы аруулугуна жаңыртылуусу милдеттүү болгон окуя, эрежелер же эрежелердин жыйындысы катары кабыл алынышы да мүмкүн. *Таждид* сөзсүз түрдө эле жаңы башталгылар жана жаңы эрежелер менен байланыша бербейт, бирок жогоруда белгиленгендей, *таждид* – жаңылануу дегенди билдирет жана анын максаты ашкере ченемдерди колдонууну, өткөн окуянын жөндөн-жөн эле кайра жаралуусун камтый бербейт. Ошондуктан, *таждидге* кайрылуу төмөндө белгилегендей ар түрдүү ченемдерге ээ болуусу мүмкүн.

Мусулман илимпоздору тарабынан *таждидге* бир топ аныктамалар берилген, алардын айрымдары окуя менен тыгыз байланышса, кээ бирлери айкыныраак берилген. Алгачкылардан болуп *таждидге* аныктама берген Ибн Шихаб аль-Зухри болгон (124-хижра/724-григ.), ал *таждид* хадисте: "Куран менен сүннөттүн талаптарына кайдыгер мамиле жасоонун айынан жоголуп кеткен нерселердин кайрадан жандануусу "*ихиях*" – деп берет.[3] Ал эми Ибн аль-Атирдин *таждидге* берген аныктамасы, анын жакшы өнүккөн убагындагы жетишкендиктерин өзүнүн изилдөөлөрүндө кененирээк чагылдырат (606-хижра/1210-григ.), мында *таждид* алдыңкы диний укуктук мектептердин (*мазхабдардын*) кайрадан жандануусу (*ихиях*) менен тең каралат. Ошентип, үммөттү сактап калуучу м*ужаддид* же *таждиддин* алып жүрүүчүсү "ар бир кылымдын аягында пайда болуучу жана динди кайра жандандыруу жана алардын урматтуу имамдарынын жетекчилиги астында диний укуктук мектептердин (*мазхабдардын)* жолдоочуларын сактап калуучу көрүнүктүү жол башчы."[4] Аль-Суйити (911-хижра/1505-григ.) өзүнүн кеңири баяндамасында минтип жазат: "*Таждид* – динде анын жетекчилигин алмаштыруу, анын чындыгынын түшүндүрүлүүсү жана да пайдасыз жаңычылдыгын (*бид'а*), экстремизмди (*аль-гулуу*) же диндеги эскичиликти түп тамырынан бери жоготуу." Ошону менен *таждид* элдердин пайдасын, коомдук салттарды, өнүгүүнүн жана шарияттын эрежелерин

сактоону билдирерин кошумчалай кетет.[5]

XX кылымдын аягында аль-Карадави *таждидге* "эскичилик менен жаңычылдыктын кошулмасы – *аль-кадим ан-нафис ва аль-жадид аль-салих*" жана "сырткы дүйнөгө анын ичинде жоголуп кетпестен ачык болуу" катары түшүндүрмө берген. Ал *таждидди ижтихад* менен бириктирет жана «*ижтихад таждиддин* ойлонуу жөндөмдүүлүк жана билим ченемдерин камтыйт, бирок *таждид* буларга кошумча (кайра жандануунун) психологиялык жана тажрыйбалык ченемдерин камтыгандыгы менен кененирээк мааниде колдонулат."[6] Демек, ижтихад менен таждид ой жүгүртүү жактан окшош, бирок таждид көбүнчө топтук активдүүлүктө жана кыймылда болуп, эмоционалдык бөлүктү камтыйт. Камаль Абул Мажд, Мунир Шафик, Умар Убайд Хасанах жана Фатхи аль-Дарини жана башка Аль-Карадавинин көпчүлүк замандаштары аны өз эмгектеринде колдошкон, жогоруда алардын кээ бирлеринин гана аттары аталды.[7] Хасан аль-Тураби таждиддин маанисин диний рух менен диний окуулардын гана жанданусу деп эсептегендерди ачык эле сындаган. Таждид теориялык жана тажрыйбалык маселелерде жеке же топтук *ижтихаддардан* турушу мүмкүн же чындыгында шариаттын түбөлүк жетектөө эрежелерин жаңы чындык жана жагдайлар менен байланыштырган, жаңы баштапкы үлгүсүн көрсөтүүсү мүмкүн.[8] Тураби андан ары диний *таждиддин* бирөөсү шариятты ичтен караган жана негизинен анын жаңылануусунан (*ихиях*) турган, ал эми экинчиси *таавир аль-динде*, башкача айтканда, диний булактардын ар түрдүү берилишинде катыша ала турган жаңы элементтерди кошкон эки негизи бар экендигин кошумчалайт. Андан соң *таждид* Кеңешке (*шурага)* негизделген башкаруу түзүлүшүнүн ыкмаларын иштеп чыгаруу, саясий өзгөрүүлөрдүн чөйрөсүн камтуу менен "бардык негиздердин бүтүндөй жаңылануусу" катары чечмеленет.[9]

Ошентип, окумуштууларга *таждидди* жана анын маанисин түшүнүүгө түрдүү факторлор таасир берген, алардын бирөөсү – тарыхтын ар башка мезгилдеринде элдер жана коомчулуктар дуушар болгон маселелер чындыгында бирдей эместиги. Ошондой эле, бул элдер *таждидди* өз тажрыйбасы жана шарттарына жараша чечмеленеринен кабар берет. Дагы бир фактор – бул котормочунун көз карашы жана адистик деңгээли. Юрист *таждидди* тарыхчы же социологдорго караганда башкача түшүнөт.

*Таждидди* түшүнүүгө таасир берген дагы бир фактор болуп, көптөгөн кылымдардан бери бирөөнү тууроонун же *таклиддин* жайыл-

тылышы саналат.[10] Убакыт фактору *таждид* үчүн чындыгында маанилүү: XX кылымдын илимпоздорунун көз караштарын же *факихти* (жүрүм-турум эрежелери тууралуу ислам докторинасы) окуп чыгып, алардын мурдагы санаалаштарына салыштырмалуу таптакыр башка көз карашты байкаса болот. Бул бир четинен *таждид* табияты боюнча күчтүү, көп кырдуу жана көптөгөн башка идеялар, эрежелер менен мамиле кура алгандыгына байланыштуу. *Таждидди* толугу менен окуп чыгуу, тыюу салынган диний чектөөлөрдөн аттап кетүүсү жана ислам коомунун өнүгүүсүнүн жандануусуна кызыкдар маселелерди козгоосу да мүмкүн.[11] Мухаммад Имаранын ою боюнча,үммөттөр азыркы убак менен беттешкенде кысымга учурады; бул *таждид* Ыйык Куранда сарамжалдуулуктун жана *ижтихаддын* күзгүсү аркылуу жаңы чындыктын айкалышуусунда кабыл алынгандыгында.[12]

*Альтагир* жана *альтатвир* аттуу исламды өзгөртүүчүлөрдүн талкууларында кездешкен эки араб сөзүнө шилтемеле жасоого болот. *Альтагир* (өзгөрүү) *таждид* сымал мурдагы болгон нерсенин кайра жаралуусу же жаңылануусун же азыркы абалды окуяга тиешесиз өзгөртүүгө умтулууну, б.а. *татвирди* түшүндүрүүсү мүмкүн. Бул экөө тең акырындык менен калыбына келүүгө жана өзгөрүүгө катышат. Эгерде өзгөрүү күтүүсүздөн же окуяга байланышы жок болсо, анда бул *таврах/инкилаб* (төңкөрүш) катары эсептелет. Андан сырткары, кээ бир өзгөрүүлөргө орунсуз өсүүлөрдөн арылуу же тазалоо кириши мүмкүн, булар диндин атына күмөн жараткан тажрыйбаларында пайда болот. Бул учурда кайра жандануунун эмес, көбүнесе *аль-танканын* мүнөздөмөсүнө ээ болот (тазалануу, тазалоо).[13] Ошентсе да, чындыгында бул түшүнүктөрдүн көпчүлүгү бирин-бири толуктайт жана бири-бири менен кесилишет, эч бир ак-карага бөлгөн категориялар колдонулбайт.

Дагы бир жогоруда белгиленип кеткен окшош түшүнүк – бул *ихия* (кайра жаралуу), сыягы, азыркы абалды эч бир милдеттүү түрдөгү аракетсиз жакшыртуу жана аны реформалоону түшүндүргөндөй көрүнөт. Ошентсе да, кээ бир авторлор ихияны жаңылануугу жана өзгөрүүнү четке какпаган жалпы мааниде колдонушкан.

Ушул жерден Имам аль-Газалинин (1111/ хижра) *Ихия* жана *Улуум аль-Динди* (диний илимдердин кайрадан жандануусу) аттуу белгилүү эмгегин атап кетсек болот. Атактуу индиялык жазуучу Вахаддин Хан өзүнүн белгилүү китебине *таждид* катары *Улуум аль-динди* (диний илимдердин кайрадан жандануусу) тандап алгандыгы, чындыгында кайра жандануунун белгисин *таждид* эмес, *ихия* гана түшүндүрөөрүн билдирет. Жалаль аль-Дин, аль-Суйити *таждидди* өз эмгектеринде не-

гизинен *ижтихад* маанисинде колдонгон. *Таждид* тууралуу XX кылымдын көңүл бура турган белгилүү эмгектеринин катарын *тажджиддин* ар кайсы негиздерине сүңгүп киришкен египеттик Абд аль-Мутааль аль-Саиддин *Аль-Мужадиддин фи аль-Ислам* жана Мухаммад Икбальдын *Исламдын диний идеяларын кайрадан карап чыгуусу* толуктайт.[14] *Таждид* талаш-тартышына акыркы жылдарда өз салымдарын кошкон авторлор: Мухаммад Абдух жана Рашид Рида, Юсуф аль-Карадави, Мухаммад аль-Газали, Абул А'ла Маудиди, Хасан аль-Тураби, Исмаил Ражи аль Фаруки, Фазлур Рахман, Таха Жабир аль-Алвани жана башкалар. Бирок аларды толугу менен сөздүн салттуу маанисинде *мужаддидун* деп атаса жарашчудай, бирок ошол эле учурда, бул жагынан алардын идеяларды иш жүзүнө ашырууга салым кошкондугунда бир аз күмөн бар. Андан соң, *таждид* тууралуу салттуу түшүнүк ааламдашуунун пайда болуусунан жана ойлордун, салымдарынын өтө көптүгүнөн, тездигинен өзгөрүлүүсү мүмкүндөй сезилет.[15]

Дагы эки араб сөзүн белгилеп кетели: *аль-нахдах* жана *аль-сахва* (ойгонуу, кайра жаралуу) өзгөрүү кыймылын жана өзгөрүүлөргө муктаж болуу дегендикти билдирет. Бул сөздөрдү өздөрүнүн урааны катары колдонгон кээ бир кыймылдар мурдагы мурастарды толугу менен кайра жандандырууга үндөшөт, ал эми башкалары заманбап учурду жана батыштандырууну сындашат, бирок ошол эле кезде *тажидидге* карата орточо көз караштты карманышат.[16]

Тубаса үстөмдүгүнө жараша, *таждид* алдын-ала аныкталган ыкмага жана чектөөлөргө кабылуусу мүмкүн эмес болчу, бул өз кезегинде кандайдыр бир деңгээлде мусулман илимпоздору көбүнчө адилеттүү түрдө ислам ишенимине татыктуу жана ага тиешелүү болгон кам көрүүсүн белгилешкендигинин себебин түшүндүрөт. Аль-Карадавинин оюу боюнча, "чыныгы *мужаддид* (жаңыртуучу) бул – динди өзүнүн жардамы аркылуу жашарткан адам. Диндеги негизсиз нерселерди бириктирүү жана жайылтуу аркылуу *таждид* кылуу *таждид* болуп эсептелбейт".[17] Ошондой эле аль-Карадави дин, анын баалуулуктары жана эрежелери *тажидге* ачык эмес дегендерди төгүнгө чыгарат. Ислам *тажидге* түшүнүктүү текстинин үстөмдүгү ачык деп айтуу *тажиддин* наамына исламдын негизги элементтерин жана ишенимдерин өзгөртүү туура эмес болмок.[18] Башкача айтканда, аталган белгилүү чектөөлөрдөн сырткары, ислам *тажидге* бардык чөйрөлөрдө ачык.

*Тажидге* муктаж болуу эреже катары да, тажрыйба катары да каралат. Өнүгүүнүн белгилүү бир тепкичинде коомдун исламдын алгачкы башаты жана маалыматтары менен болгон байланышы алсырап

калышы мүмкүн же мурда белгиленгендей, *таклид,* басып алуучулук, залим, динден алыстоо жана ааламдашуу сымал катаал шарттардын чыңалуусу астында жоголуп кетүүсү да ыктымал.

Ислам тарыхынын узун жолу, албетте, жанданган *таждидге* да, да, *таклидге* да күбө болду. Ишеним актабаган өнүгүүлөрдүн көптүгү, жадагалса, кандайдыр бир деңгээлде чыгармачылык ойлонууга жана *ижтихадга* эшик жабык деп жарыялаган. Ошентсе да, коомчулук Абу Хамид аль-Газали; жогорку максаттарга же *макасидге*, шариатка киргизген жаңычыл салымдары зор Ибрахим аль-Шатиби (1388-григ.); саясий кайра жанданиуунун жарчысы, өнүгүүнүн кайрадан жанданиуусунун чоң илимпозу Таки аль-Дин ибн Таймия ( 1328-григ.), Абд аль-Рахман ибн Халдун (1406-григ.) жана Шах Вали Аллах ал-Дахлави (1762-григ.) сымал дем берген ойчулдарга, *мужаддиддерге* жана көптөгөн башка илимпоздорго муктаж болчу. Кээ бирлер Халах аль-Дин аль-Аюбини (193-григ.) өзгөчө *мужаддид* деп да аташкан.

Мүмкүн бул маалыматты кайра карап чыгуу үчүн жасалгандыр. Илимпоздор муундан муунга өз жыйынтыктарын жана диний окууларДын баштапкы түрүнө кошумча ойлорун киргизишкен. Албетте, бул динди татаалыраак көрсөтүп, жөнөкөй адамдардан алыстатууга алып келген орунсуз таасир болчу. Диний окууларды билип туруп, мурдагылар сымал, өзүнүн жеке түшүнүгүнө жараша катардагы адам исламдын кээ бир негиздерин изилдөөгө адистешкен адамдар тарабынан сунушталган экинчи орундагы көрүнүшкө таянууга мүмкүнчүлүк берген абалда калат. Бул ортомчулардын ой-пикирлери кууш. Албетте туура тандоону текшерүү көбүнчө көп илимий эмгекти талап кылат, бул болсо баштапкы маалыматтарга кошумчаларды киргизүүгө алып келет. Демек, мусулмандардын исламдын маанисин түшүнүүсү жана аны менен түздөн-түз байланышы иштелип чыккан эрежелер жана татаал илимий корутунду чыгаруу ыкмаларынын жыйындысы менен толукталат.

# ЖАҢЫЛАНУУ (ТАЖДИД) ТУУРАЛУУ АЛГАЧКЫ МААЛЫМАТТАР

*Таждид* тууралуу алгачкы маалыматтар изилдөөчүлөр тарабынан кылдаттык менен талданган жана которулган белгилүү хадистерде берилет. “Ушул үммөттөрдү Кудай колдосун, алардын динин жашартып туруучу ар бир жүз жылда башкаруучусу бар», – деп айтылат хадисте.[19]

Мындагы ачкыч сөз – *южаддид*, «*жаддада*» сөзүнүн уңгусу, «*бир нерсени жаңыртуу*» деген маанини берет. *Мужаддид,* анын активдүү катышуучусу болуу менен, мусулман коомчулугунда исламды колдонууну жаңылаган жана кайра жандандыргандарга тиешелүү. Ошого жараша, *таждид* исламды коомдо колдонууну жаңылоо жана кайрадан жандандырууну түшүндүрөт, коомду исламдын баштапкы жолуна кайра кайрылтат.[20] Басым жаңы шарттардын жана окуялардын оордугунан көңүл бурулбай, ээликтен ажырап же унутта калган ислам баалуулуктарына жана эрежелерине жасалат. Бул эрежелердин тазалыгын эл арасында кайра орнотуу жана жайылтуу, аларга таасир берүү – бул *мужаддиддердин* негизги максаты.[21] Хадистин түшүндүрмөсүнө ылайык: «*Таждид* Куран менен сүннөттө алыстатылган нерселерди кайра жандандыруу жана алар тууралуу талкууларды элге алып чыгууну билдирет. Бул негиз, орнотулган сүннөткө каршы келген пайдасыз жаңычылыктарды түп-тамырынан бери жоготуу (бид’а)».[22] Бул аныктама жогоруда белгиленип өткөн аль-Зухринин аныктамасына окшош, бирок бир аз толуктоолору менен, аларды кийинчерээк талкуулайбыз. Каралып жаткан хадис тууралуу айтуу менен, аль-Манави (1621-григ.): *южаддид лаха дийаха* деген сөздүн мааниси *мужаддид* пайдасыз жаңычылыктардын (*бида’нын)* аныктамасын тактап, сүннөттү андан ажыратып жана алар менен күрөшөөрүн билдирээрин кошумчалайт. [23]

Окумуштуулар ошондой эле, бул хадистин мааниси түз маанисинен сырткары чыгууга аракет жасайт деп да кошумчалашкан: бул негизинен үммөттөрдүн бир кезде бет келүүчү болуп көрбөгөндөй көйгөйлөр жана өнүгүүлөргө жаңылануунун, түшүндүрүүнүн жана *ижтихаддын* зарылдыгын белгилөө үчүн зарыл болчу».

Шариатка тиешелүү юридикалык маселелерде *таждид ижтихадка* жакын, ошондуктан ал ислам укуктарынын булактары тууралуу *Усуль аль-Фик* илиминде жазылган *ижтихаддын* ыкмалык башкаруу эрежелери тарабынан башкарылышы керек. *Ижтихад* ислам түзүлүшүнүн кайрадан жандануусу жана жаңылануусунун *таждидден* турган негизги куралы экендиги анык, бирок экөөнүн техникалык

айырмасы – *ижтихад* негизинен тажрыйбалык, укуктук жана юридикалык маселелердин тегерегинде жүргүзүлсө, *таждид* чексиз жана диндин бардык негиздерине, жадагалса үммөттөрдүн жашоосуна да, анын этносунун, жашоо өзгөчөлүгүнө жана өнүгүүсүнө да жайылат. Кыскасы, *ижтихадды* эки түргө бөлүп кароого болот: чыгармачыл жана түшүндүрүүчү, булардын экөө тең *ижтихад* катары саналуусу үчүн өзгөчөлүктүн бирдигин жана булактын башкаруу эрежелеринин жаңы түшүнүктөрүн камтуусу абзел. Каралып жаткан хадис исламдын түбөлүктүүлүгүн жана ашыкча эместигин, Кудай бул үммөткө исламдын алгачкы билдирүүлөрү менен биригүүгө жардам берээрин да түшүндүрөөрү көрүнүп турат. Ушундай эле бул хадисте, Кудай бул үммөткө туура жолго түшүүгө, жаңы чакырыктарга каршы туруу үчүн мурдагы мурастарына өз мамилесин табууга жардам берет деп айтылган.[25] *Мужаддид* төмөнкүлөрдү камтыган белгилүү бир сапаттарга ээ болуусу зарыл: 1) Исламдагы өзгөрүлүүчү жана туруктуу нерселерди так түшүнүү. Исламдагы туруктуу нерселер диндин негиздерине баш ийүүгө жана адеп-ахлактуулукка жана ошондой эле, Ыйык Курандагы исламдын чечкиндүү насааттарына тиешелүү. Жарандык мамилелердин жаатындагы ислам эрежелери (*муамалат*), экинчи жагынан, талкууга жана оңдоп-түзөөлөргө ачык. 2) өзгөчө жагдайларга тиешелүү зарылдыктарды жана шарияттагы элдешүүлөрдү (*данира, рухша*) билүү. 3) Куранды түшүнүүдө сарамжалдуулуктун жана катыштын ордун (*талил)* билүү. 4) *Маслаха* жана элдердин укуктук кызыкчылыгына урмат-сый менен мамиле кылуу. 5) коомдун жалпы каада-салттарын сыйлоо.[26]

Каралып жаткан хадис *мужаддидге* жекелик санда тиешелүү болгону, сөзсүз эле түрдө белгиленген жерде же кылымда бир эле *мужаддиддин* пайда болуусун түшүндүрбөйт. Мунун себеби, “киши” деген араб тилиндеги ат атооч жекелик да, көптүк да түрдө колдонулуусу мүмкүн. *Таждид* көбүнчө жеке бир адам же адамдардын тобу, партия же кыймыл тарабынан ишке ашырылуусу мүмкүн. Алгачкы изилдөөчүлөрдүн эмгектеринде байкалган кээ бир *мужадиддердин* пайда болуусуна карабай, уламалардын, ар түрдүү чөйрөлөрдөгү адистердин жана илимпоздордун топтору тарабынан кабыл алынган *таждиддердин* заманбап котормолору топтук *таждидди* колдошот. Бир *мужаддид* юрист, экинчиси саясат таануучу, дагы бирөөсү экономист ж.б. болушу мүмкүн. Азыркы жагдайларда *таждид* жана аны менен байланышкан ислам түшүнүгүнүн (төмөндө берилген) кыймылдарга, ошондой эле, алардын элдердин ички жашоосуна биргелешкен тааси-

рине жана биздин убакта жаңы мааниге ээ болуп жаткан алардын топтук кыймылдарына багытталган. [27]

Адамдын ички сезими жана жеке адамдын жүрүм-туруму сөзсүз түрдө байланышкан сымал эле, *таждид менен ислахты* мааниси жагынан бөлүп кароого болбойт. 1971-жылы түзүлгөн Малайзиянын Малайзия мусулман жаштар кыймылынын ураанында адамдын жеке рухий жана адеп-ахлактык өзгөрүүлөрүнө чакырган, адилеттүү жана жөнөкөй коомду көрсөтө алган *таждид* менен *ислахты*н айкалышуусу жогорку деңгээлде маанилештирилген.[28]

Ислам адамдардын жеке руханиятына кийлигишпейт, эгерде бул адамдардын сырткы жүрүм-турумунда жана коомдук мамилелеринде чагылдырылбаса, руханият өзү субъективдүү, туура эмес түшүндүрүлгөн жана жадагалса коомго каршы катары кабыл алынуусу мүмкүн, көбүнчө кээ бир суфи окуялары тууралуу айтсак болот. Негизги тарикат үчүн жеке адамдын ички рухунун жүрүм-туруму менен жуурулушуусу ислам *таухидинин* негизин түзгөн эрежеге дал келет. Ошондуктан, *таждид* жана ислам бири-биринин ажырагыс бөлүгү жана бири-бирин уланткан ой жүгүртүүчүлүк жолдоочусу экендигин түшүнүү кыйын деле эмес. Андан сырткары, *таждид* теология, укук таануу же хадистер сымал дисциплиналар менен чектелбестен, ошондой эле илим жана технологияга, экономикага жана үммөттөргө, жана дагы ислам өнүгүүсүнүн кайрадан жанданууусуна мааниси бар билимдин чөйрөлөрүнө да жайылтылат.

"Пайгамбар жашаган мезгилде үстөмдүк кылган ислам же ошол мезгилдин шарттарында болгон *мужаддидди* кайра жандандыруучу мезгилдеги динби?" – деген дагы бир көз караш пайда болот. Хадистин сөздөрү кийинки маанини берет: ошентип, *«южаддид лаха дийнаха»* сөзү *мужаддид* пайда болгон кездеги колдонулуучу динди кайра жандандырат дегенди билдирет. Мисалы, хадисте минтип айтылган эмес": Алланын дини же Мухаммед Пайгамбардын, ислам дини же башка дин" деп, бирок мунун ордуна үммөт карманган динди көрсөткөн.[29] Албетте, *мужаддид* коомчулук бул идеалдарды жана эрежелерди ыйык тутуп жашоосу үчүн үммөттөрдүн тарыхында кандайдыр бир өткөн окуяларды түзбөйт, ал ислам эрежелерин азыркы мезгилдин талабына ылайык түшүнүктө кайрадан колдонуусу керек»[30].

Каралып жаткан хадистеги "ар бир жүз жылда" деген сөздү кандайча түшүнүүгө болот? Көпчүлүк муну түз маанисинде түшүнүп алышкан жана Малик ( 975-григ.), Абу Ханифа (767-григ.) жана Ибн Ханбаль (855-григ.) сымал имамдар *мужаддид* ушул жылдын аягында

пайда болуусу керекпи, кылымдын аягындабы же башындабы, кимдир бирөө *мужаддид* пайда болгонго бир жума калганда же бир айдан соң каза болуп калса эмне кылуу керек деген сымал майда-барат суроолор менен алек болушту. Себеби, алар эсептөөлөрдү кылдаттык менен жүргүзүшкөн эмес. Башкалар кылымга шилтеме жөн гана мусулман коому же башка ар бир эле элдердин коому бул жагдайда жандандырууну талап кылган мезгилди көрсөтүү деп кошумчалашкан. Ибн Халдундун төрт муундан берки өнүгүүнүн жогорулашы жана төмөндөшү тууралуу теориясы мындай түшүнүүгө далил берет. Ибн Халдун аныктаган өнүгүүнүн жогорулашы менен төмөндөшүнүн мезгилдик түзүлүшү искусство менен илимдин абалы, кол өнөрчүлүк менен өнөр жайдын тереңдиги жана көп түрдүүлүгү, ошондой эле эң биринчи адилеттүү башкаруу, өзгөчө анын калыстыкты сактоосуна байланыштуу.[31] Хадистин билдирүүлөрүндө жөн гана *тажидид* мусулман коомчулугу өз ата теги менен байланышта болуусуна кепилдик берүү үчүн жетишээрлик бат-баттан кайталанып турат деп берилген. Кудуреттүү Алла, *мужадиддерди* ар дайым үммөт муктаж болгон кездерде жиберип турат жана бул чындыгында ошол кылымдын каалаган мезгилинде же бөлүгүндө болуусу мүмкүн."[32] Кээ бир жазуучулар *мужаддиддин* козголоң жана сырткы кол салуучулук убакта зарылчылыгын белгилешкен. Буга байланыштуу, белгилүү *Сунан Абу Дауддун* автору Абу Дауд аль-Сижистани өзүнүн "бактысыздык жана башаламандык" деген бөлүмүндө бул белгилүү хадисти кошпостон *тажидиддин* хадисин өзгөртүп салган. (*Китаб аль-малахим*)[33]

Мурда белгиленип кеткендей, *тажидид* коомчулуктун жана муундун төмөндөшү менен мүнөздөлгөн өнүкпөй токтоп калуунун даражасын сунуштайт. *Мужаддид* аларга эскертүү берет жана өз милдеттерин аткарууга үндөйт, алардын өз жашоолорун жакшы жакка өзгөртүүгө болгон умтулуу отун тутандырат.[34] Ушуга байланыштуу мусулман жеке адамдары жана топтору Курандын орнотулушун сактоосу зарыл "Кудай элдердин жашоо-шартын алар өздөрүндөгү бар нерселерди өзгөртүүгө аракет кылмайынча өзгөртпөйт». (Куран, Раад сүрөсү, 13:11)

Умар ибн Абд аль-Азиз (101-хижра/719-григ.) жана Имам аль-Шафий (205-хижра/ 895-григ.) көпчүлүк тарабынан хижранын санагы боюнча алганда экинчи жана үчүнчү кылымдагы *мужаддиддери* катарында кабыл алынган. Ошондой эле Абу аль-Хасан аль-Ашари (324-хижра/ 936-григ.), Абу Бакр аль-Бакиллани (403-хижра/ 1013-григ.) жана Абу Ишамид аль-Газалини (505 хижра/1111-григ.) кийинки үч кылымдын башында турушкан үчүнчү, төртүнчү жана бешинчи *му-*

*жаддиддердин* катарына киргизишкен. Ошентсе да, адатта алгачкы эки ысым гана аталып келүүдө, бирок укуктук ойлор мектептеринин (*мазхабдардын)* санынын көптүгүнө байланыштуу, изилдөөчүлөр башка ысымдарды кошуп келишет. [35]

*Мазхабдын* кескин түрдө пайда болуусу жана колдонула башташы атайын эмес тууроонун (*таклид)* жайылтылышына себепкер болду, бул өз кезегинде, мындайча айтканда «*ижтихаддын* эшигинин жабылуусуна» жана эркин изилдөө менен илимпоздуктун рухун басынтууга алып келген. *Ижтихад* басмырланып, *таклид* үстөмдүк кылган мезгилде *таждид* тууралуу сөз кылуу анчалык мааниге ээ эмес дегендикке жатабы? Бул т*аждид* жарга такалды дегендик эмес, чындыгында мындай көрүнүш болгон да эмес, бирок окумуштуулар өз улантуучуларынын мектебинин чектеринде калгандай, *таждид* тууралуу чектелген түрдө сөз кылууну улантышты. Башка берилүүчү суроо: каралып жаткан хадис бүтүндөй үммөттөрдүн атынан сүйлөгөн *мужаддиддер* тарабынан түшүндүрүлө алабы, же ар бир өлкөнүн же коомчулуктун өзүнүн жеке *мужаддиддери* болуусу зарылбы? Жоопто минтип айтылат: исламдын кайрадан жандануусунда негизинен *таждид* бүтүндөй үммөт үчүн маанилүү, бирок ошентсе да, исламдын аймактарынын кенендигине байланыштуу үммөттөрдүн ар бир аймактык жана географиялык бөлүктөрүндө өздөрүнүн мужадиддери болуусу мүмкүндүгүн иш жүзүндө белгилей кетүү керек.[36] Пайгамбардын (*ахль аль-байт*) үй-бүлө мүчөлөрүнө карата *таждиддерди* же *мужаддиддерди* алып жүрүүчүлөр катары айтылган деген кээ бир алгачкы изилдөөчүлөрдүн далилдери, *таждиддин* хадистери чындыгында билим жана эрудиция тууралуу айтылган, үй-бүлө жана *мужаддиддер* тууралуу эмес деген хадистердин маанисине карама-каршы келет. Эгерде *ахль аль-байттин* көз карашы ишенимдүү түшүндүрмө болгондо, анда Умар ибн Абд аль-Азиз, аль-Шафий сымал белгилүү адамдардын гана ысымдары аталмак, алар *ахль аль-байттан* болушкан эмес жана алардын ысымдары биринчи орунга коюлмак эмес. Муну талкуулоо менен, бир изилдөөчү бир хадистен мисал да келтирген, анда Пайгамбар Салман аль-Фарисини өзүнүн *ахль аль-байтинин* бирөөсү катары атаган, ал анын үй-бүлө мүчөсү болбосо дагы, бул жөн гана жакындатуунун жана байланыштыруунун белгиси болчу. [37]

Аль-Карадави *таджид* берилген хадисте диндеги шилтемелерде динди жаңыча түшүнүүнү, өз ишенимин жана исламдын акыйкат эрежелерин тастыктоону түшүндүрөөрүн изилдеген. Хадистин негизги мааниси – бул ар бир муундан жана кылымдан күтүлүүчү, өз убагында

болуп туруучу коомдук өзгөрүүлөр экендигин кошумчалайт. Хадистерде жөн гана ар бир кылымдын башталышы тууралуу эч кандай так жыл санак же атайын саноо чектөөлөрсүз эле айтылса да, айрым изилдөөчүлөр хижра жылнамасы боюнча ченелген кылым жана жыл санакка таянышат. Ошондой болсо да, негизинен убакытты ченөөдө башка жыл санактарга дал келген ченемдер колдонулса, анда эч бир тыюу салынбайт. Кылымдын башталышын Мухаммед Пайгамбардын туулган же каза болгон күнүнөн баштоо керекпи деген суроого Аль-Кардави Пайгамбардын Меккеден Мединага көчкөн күнүн атаган, бул маанилүүрөөк убакыт, себеби, көпчүлүк өлкөлөрдө жаңы баштоолор башталган кезге туш келет жана *таждиддин* башталуусу үчүн орундуу мезгил болгон.[38] Бул ошондой эле Пайгамбардын орун которуу мезгилинен башталган исламдын хижра жыл санагы менен да байланыштуу.

Айрым байкоочулар *таждид* түшүнүгүнө диндеги пайдасыз жаңылыктарды (*каср аль-бид'а*) да киргизип жүрүшөт. Бул кошумчалоо, сыягы, *харижиттер*, *му'тазила* жана *фикх* сымал секталардын мектептеринин өнүгүүсүнөн кийин пайда болсо керек. Андан соң илимпоз хадисчилер бул хадистин иштөөсүнө "*бид'а*" түшүнүгүн киргизүүгө аракет жасашты. Бирок кылдаттык менен изилдөөдө аныкталгандай, *таждид* өз ичине *бид'анын* карама-каршылыгын камтуусу мүмкүн, бирок бул анын маанисинин бөлүнгүс бөлүгү болуусу да, болбоосу да мүмкүн. Андалуз юристи Ибрахим аш-Шатиби (1388 григ.) хадисте оң маанидеги билдирүү бар экендигин, үммөттүн жалпы жакшылыктарын жана *маслаханын* кароосун калыстык менен белгилеген.[39] Башкача айтканда, хадисти сектанттык топтордун талдоосуна жол бербөө керек. Аш-Шатибинин эмгектерине баа берүү менен бирге, Абид аль-Жабири кайрадан жандануунy жана *таждидди* азыркы учурда мурда кездешпеген, жалпы кызыкчылыкты көздөгөн көйгөйлөрдүн тажрыйбалуу чечилүүсүн түшүндүрөөрүн жазган.[40]

## *ЖАНДАНУУ (ИСЛАХ) ЖАНА ЖАҢЫЛАНУУ (ТАЖДИД):* XX КЫЛЫМДАГЫ ӨНҮГҮҮЛӨР

*Ислах* (өзгөрүү) заманбап түшүндүрмөлөрдө алгач XX кылымдын илимпоздору Мухаммед Абдух (1905-григ.), Мухаммад Рашид Рида (1935-григ.) жана алардын устаты Жамаль аль-Дин аль-Афганинин (1987-григ.) эмгектеринде пайда болгон. *Ислахтын* мааниси Куранда жазылгандай, «жарашуу», «тынчтыкка умтулуу» жана «Кудайга жаккан иштер» дегендерди билдирет.

*Салах* жана *ислах* Куранда көбүнчө элдердин жалпы пайдасын көздөгөн катары берилет. «Ошентип, ишенгендер жакшы жана сунушталуучу нерселерден турушу мүмкүн болгон (*маруф*) жана элдердин арасында тынчтыкты, элдешүүнү орнотууга умтулган (*ислах байн аль-нас*) туура жолдогу иштерге (*амаль салих*) катышууга чакырылат». (Ниса сүрөсү, 4:114). «*Ислах* ошондой эле, паракорлукту жоюу же *ислахка* карама-каршы болгон *фасаддан* турушу мүмкүн. (Арааф сүрөсү, 7:56). Элдердин тынчтыкка жана *салахка* жетүүгө болгон аракети гана эмес, алардын тилеги да аларга сыйлык алып келет, себеби «Кудай, сөзсүз түрдө, *муфсид* тууралуу (бузукулук периштеси) *муслихтен* (жакшылыктын периштеси) маалымат алат» (Бакара сүрөсү, 2:220) жана «*Муслихинди*, Кудайдан берилген элге пайдасы тийчү иштерди кылгандар сыйлык алышат» (Арааф сүрөсү, 7:170). [41]

*Ислах* менен *таждиддин* ортосундагы жакын мамиле *таждид* өзүнчө болгондо аз маанини бермек, эгерде *ислахка* жакын болбогондо деген талдоо менен белгиленет. *Ислах* сөзсүз түрдө көптөгөн диний, маданий жана ой жүгүртүүчүлүк абалдар үчүн көйгөй катары каралат. Исламдын тарыхындагы *ислах-таждид* мүмкүнчүлүктөрү өзүнүн алгачкы булактарынан жана динге ишенүү чектерин орнотуучу өнүккөн биримдиктен пайда болгон. Үммөттүн диний жана маданий жашоосун алга жылдыруу менен бирге, *таждид-ислах* салтынын негизги милдети – анын ынтымагын жана биримдигин сактап калуу. Бул учурда ушундай темпте XX кылымдын кыйырындагы кайра куруу долбоорунун негизги максаты мусулман биримдигин калыбына келтирүү болгон. Ошол эле убакта, XX кылымдагы ислам идеясы жетишээрлик деңгээлде батыштык жана батыштык эмес идеялар, изилдөөлөр тышкы чакырыктарга карата болгон жооп тарабынан же болбосо алардын таасири астында толук бойдон өз ара ичинен жараланган эмес.[42]

*Ислахтын* аныктамасы ислам түшүнүгүндө бир биримдикте берилбейт. Мунун себеби, дээрлик бардык сектанттык кыймылдар *ислахты*

тутунгандарбыз деп жарыялашууда. Кээ бир маалыматтарга ылайык, жадагалса эскичил *ваххабия* да өзгөртүүчү деп саналат, себеби, ал жаңычылдыктын зыянынан динди тазалоого жана алгачкы исламдын жөнөкөйлүгүнө чакырууга көп күч-аракеттерди жумшаган. Мухаммад Ахдух *ислахты таждидге* жакындаткан аныктаманы берген. Ошентип, *ислах* – бул Үммөттөрдүн динди түшүнүүдө пайда болгон көйгөйлөрдү жана түшүнбөстүктөрдү исламдын алгачкы булактарына түздөн-түз кайрылуу, ошондой эле Кудай адамзатына берген ой жүгүртүүчүлүк мүмкүнчүлүгүнүн сарамжалдуулук ченемдерин туура колдонуу аркылуу чечип келишкен ата-бабаларынын жолун жолдоо (*салаф*) менен бирге, түрдүү ойлорду жана чечмелөөлөрдү *таклиддин* кишендеринен бошотуусу. Бул адамзатты, дүйнөлүк тартипти сактап калуу үчүн баш аламандыкты жоюу жана Кудайдын бизге жиберген билдирүүлөрүн аткаруудан турат.[43]

Мындай дээрлик узун аныктама кээ бир изилдөөчүлөр тарабынан Батыштын заманбаптыгын жана теңдештиктин издерин исламдын негизине чаптоо катары сынга алынды. Бирок, жадагалса ушул жагдайда да *ислах* кыймылынын ишмерлери: Мухаммад Абдух, Жамал аль-Дин аль-Афгани, Хайр аль-Дин аль-Туниси (1899-григ.), Абд аль-Рахман аль-Кавакиби (1903-григ.) бардыгы Батышты сокур тууроону сындашкан. Ибн Рушд аль-Куртубинин (1198-григ.) изилдөөсүнө ылайык, аль-Афгани менен Абдух , ошондой эле аң-сезим ыйман (ишеним) менен төп келишпестигин мойнуна алышкан эмес жана эгерде мусулман дин кызматкерлери *таклидди* үгүттөөнү уланта бергенде өзгөртүүчүлөрдүн кыймылы кыйроого учурамак деп санашкан. *Ислахтын* жактоочулары өз айыптоолорунда ар дайым *ижтихад* болуп туруусу зарылдыгын, учурдагы маселелер заманбап чечимдерге муктаждыгын белгилешкен.[44] *Салафийя-ум-ислах* кыймылын *ваххабизмден* айырмалап турган нерсе - бул мусулман элин Кудайдын каарынан сактоо үчүн диний тажрыйбаларды, ойлонууну ага өөн бирдиктерден тазалоого багытталган; алар исламдын бардык суфи көрүнүштөрүнө каршы болушкан жана кайра куруунун оң жактарына караганда, *бид'а* менен күрөшүүгө көбүрөөк кызыккан. Кыймыл ошондой эле тексттерди кайрадан талкуулоонун же болбосо азыркы мезгилдик жашоо-шарттарына ыкташуунун зарылдыгы жок экендигин айтып чыгышкан.[45]

Абдух-Риданын изилдөөлөрүнүн жыйынтыгы боюнча, *ислах* эки бутакка бөлүнгөн, алардын бирөөсү заманбаптыкка баш ийсе (*аль-хадата*), экинчиси өткөн тарыхтын кайрадан жандануусуна багытталган (*аль-салафийях альихийяк*). Биринчи бутак негизинен XX кылымдын

Кассим Амин, Лутфи аль-Сайид, Хусейн Хайкал, ал эми экинчиси Абдух жана Рашид Рида сымал илимпоздордун ысымдары менен байланыштуу. Ошондой эле *ислахтын* ортозарлар мектеби да сакталып калган, бул Мустафа аль-Мараги, Али Абд аль-Разик, Махмуд Шалтут, Абдулла Дарраз жана башкалардын эмгектери менен толукталган.[46]

Ошентсе да, *салафтын* "такыба ата-бабаларынан" таркаган *Салафийя* кээде бурмаланган, мисалга алсак, Аль-Каиданын террористтери тарабынан колдонулат. Насар Мээр туура белгилегендей, ар бир мындай бирдик *салафиттер* кандайдыр бир жолдор менен терроризмге, террорист же экстремист болуу дегендикке байланыштуу экендигин билдирбөө керек. Бул түшүнүктө *салафиттердин* бурмаланган мааниси гана колдонуусу мүмкүн. Албетте, чыныгы же башка белгилүү бир кыймылга тиешелүү болобу, террористтер өздөрүнүн жүрүм-туруму аркылуу сындалуусу мүмкүн.[47]

Кайрадан жандануу жана өзгөрүү кыймылы 1924-жылы Осман халифатынын кулашы менен өз өнүгүүсүн кайра улантты. Аль-Афгани жана аль-Кавакиби сымал кээ бир реформаторлор, диндин кайра жандануусун ири саясий өзгөрүүлөр менен байланыштырышат. Бул жерде биримдик пайда болот, мисалы, Курандын *шура* (кеңеш берүү) эрежесин башкарууда жана шайлоочулар алдында отчет берүүсүндө колдонуусун айтсак болот. Ошондой эле өзгөртүүчүлөрдүн айрымдары аялдардын коомдогу абалын жакшыртууга умтулушкан. Мухаммад Абдух жана Мухаммад аль-Газали, негизинен, ислам аялдары тең укукта эмес дегенге кошулушпайт, бирок бул көңүл коштуктун жана ислам тексттеринин туура эмес талдануусу деп белгилешет. Ошондой эле, өзгөрүүнүн жактоочулары ислам билим берүүсүнүн кайра жандануусун жана илимий билимдерди исламдык окуу жайлардын окуу программаларына киргизүүнү колдошот.

Саид Хосейн Наср так ушул *таждид ислахка* үстөмдүк кылат, *таждид* ислам тамырлары менен байланышта болсо, *ислахта* мындай сапат жок деп айткан. Наср *таждид* заманбап учурга карата өтө катаал исламдык жооп деген ойду карманат.[48] *Таждиддин* тереңирээк диний тамырлары талашсыз, бирок, *таждид* менен *ислах* бири-бирин толуктап турат деп кененирээк мааниде айткан туура болоор. Ислам баалуулуктарынын жана эрежелеринин кененирээк кулачына карап туруп, так хадистерге, исламдын хадистик башкы эрежелеринин рухуна жана маанисине негизделбесе да, *ислахты* алардын бөлүнгүс бир бөлүгү катары элестетсе болот. *Таждиддин* тегерегиндеги XX кылымдагы дискурс аль-Афгани менен Абдухтан башталган *ислах* кыймылы

тарабынан тездетилди. Хадистердин негизинде билимге умтулуу мусулмандар, эркектер жана аялдар үчүн милдеттүү түрдө болуп калды. Ислам, ошондой эле, билим менен адилеттүү жүрүм-турумдун ортосундагы ажырагыс байланышты *(амаль салих*) карайт, жакшы нерсени жасоо жана жамандыкка тыюу салуу буйругу, адилеттүү болууга буйрук – мунун баары мусулман коомундагы *ислах* менен *таждиддин* күчтүү келечектүүлүгүндө. Исламда көбүрөөк белгиленген *ильм* менен *ислахтын* өз ара ички байланышы, ошондой эле дагы бир маанини берет, *мужаддид* - "белгилүү бир атагы бар *аалым* болуусу зарыл" деген. Өзгөртүүчү илимпоз сөзсүз түрдө жакшылыкты кошуп, жамандыкты түрткөндү, ишенген адамдардын күнөөсүн мойнуна алуусу, кечирим суроосу, алардын арасында адилеттүүлүктү орнотуу, калпка каршы болгон чындыкты колдоо жана басмырлоочуларга карата кордукту колдоорун изилдеши керек. *Таждид - ислахтын* заманбап түшүнүгүндө берилген эң акыркы кененирээк түшүндүрмөсүн өлкө башчыларынын Ислам конференция (азыркы шериктештик) саммити уюмунун Мекке декларациясында (2005-ж. декабрь) берилген десек да болот.

Өзгөрүү жана өнүгүү биздин исламдын коомдук түзүлүшү менен тыгыз байланышкан бүткүл күч-аракеттерди жумшай турган артыкчылыктар экенин бардык өкмөттөр, үммөттөр жана элдер бир добуштан тастыкташат. Ошол эле учурда бул чектер адамзаттын өнүгүүсүнүн жетишкендиктери менен бирге жуурулушуп туруусу, кеңеш берүүсү, мыкты жетектөөгө жетүүгө умтулуусу үчүн адилеттүүлүктү жана теңдикти, саясий катыштарды кеңейтүү, мыйзам эрежелеринин үстөмдүгүн орнотуу, адам укугун коргоо эрежелерине негизделүүсү, коомдук адилеттүүлүктү, акыйкаттыкты жана жоопкерчиликти колдонуу, паракорлук менен күрөшүү жана жарандык коомдук институттарды түзүүсү абзел".[49]

Муртада Мутаххари (1981-ж.дүйн.кайтк.), атактуу шиит ойчулу жана теологу, өзүнүн "Ислам идеяларын өзгөртүүдө жана кайрадан жандандыруудагы кыйынчылыктар" (*Аль-Ишкалийях аль-Ислахия ва Таджид аль-Фикр аль-Ислами*) китебинде *таждид* тууралуу кеңири баяндаган. Ал үчүн *таждид* же исламдын кайрадан жандануусу диндин жетекчилик эрежелерин өзгөртүп же болбосо анын окууларын жокко чыгаруу менен анын өзүн кайра жаратпайт же кайрадан жандандыра албайт.

Кыязы, ал дин тууралуу ойлонуу иш-аракетинин кайрадан жандануусу жөнүндө кеп кылып жаткандай, бул аракеттер жолдоочулардын жан дүйнөсүн кайрадан жандандырууга алып келет, ал эми бул өз учу-

рунда анын иш-аракеттеринин багытына таасирин тийгизет. Башкача айтканда, ислам өзү эмес, аны карманган элдер жана алардын ойлонуу образы кайрадан жанданат.[50]

Мутаххаринин кайрадан жанданууну түшүнүүсү негизинен төмөнкү иш-аракетке алып барган заманбап түшүндүрүүлөр менен белгиленет: маалыматтарды ар түрдүүчө түшүнүүгө болот жана өнүгүүлөрдүн жолундагы жаңы мамиле *таждидге* сунушталган мамиле катары каралат. Бул, ошондой эле, артынан калп тажрыйбалардын калдыктары жана аны татаалдантып, алсыраткан диний өсүүлөрдүн жоголуп кетүүсүн алып келүүсү ыктымал.[51] *Таждиддин* мындайча чечмеленүүсү Аль-Карадавинин жана башка көптөгөн сүннөт ойчулдарынын чечмелөөсүнө жакын деп айтсак болот. Башка сүннөт кесиптештери сымал, ал исламдын өзгөрүүчү жана туруктуу эрежелеринин (б.а. *мутах арият* жана *таввабит*) ортосундагы так айырмачылыктарды берээрин, акыркы эреже жаңыланууга жана *таждидге* ачык эместигин белгилейт. Ал ошондой эле акыл-эстин (*акль*) жана сабырдуулуктун (вассабиях) булактарына таянган акыл-эс, сезим жана *ижтихад* ортосундагы биригүүнү сунуштайт. Муртада Мутаххари эгер билим түрткү берүү сапатынан ажыраган болсо, анда ал кыймыл-аракетти жарата албасына ишенет. Бул учурда, эреже катары, анын көз караштары *таждидге* болгон мамилесинде кээ бир *акль* сүннөттүк юриспруденция постулаттарына окшош.[52]

Бул учурда *таждид* дин менен гана чектелбейт, ошондой эле философия жана илимде да жайылтылат. *Таждиддин* философиялык кийлигишүүсү биздин айлана-чөйрөгө жасаган мамилебиз жана жалпы мамилелерибизге кандайча таасир этээрибиз жөнүндө маалымат берүүгө жардам берет деп кошумчалап, Муртада Мутаххари *таждиддин* таасир эткен чөйрөсүн кеңейтет. Илим нерселер кандайча түзүлөөрү тууралуу пайдалуу билимди берүүгө жөндөмдүү, ал эми дин болсо биздин үмүттөнүүбүзгө жана умтулуубузга, жана ошондой эле адамзат максаттарына артыкчылыкты жана бүтүндүктү тиркөө жөндөмдүүлүгүбүздү арттырууга шарт түзөт.[53]

# ИСЛАМДЫН КАЙРАДАН ЖАНДАНУУСУ, АЗЫРКЫ УЧУР ЖАНА ЖАҢЫЛАНУУ (ТАЖДИД)

«Азыркы мезгилдеги ислам» «Исламдын кайрадан жандануусу» жана “Исламды реформалоо” деген сөздөр *ислах-таждид* түшүнүктөрүнө киргизилген, адатта буларды, жогоруда айтылгандай аль-Фагани, Абдухам Ридага байланыштырышат. Азыркы кездеги ислам искусствосу өз чыгармаларында жана башка авторлордун чыгармаларында башкаруу системасы, илимий изилдөө, билим берүүнүн заманбап ыкмалары, аялдар укуктары, маданий кайра жандануу ж.б. азыркы мезгилдеги баалуулуктарды ислам баалуулуктары жана эрежелери менен айкалыштырууга умтулган. XX кылымдын аягындагы исламдын кайрадан жандануусу таждиддин исламдын Курандагы эрежелери менен окшоштугун бекемдөөгө шарт түздү. Мухаммад Икбалдын «Исламдагы диний ойлордун кайрадан жандануусу” аттуу китеби 1955-жылы, Абд аль-Мутаал аль-Саидинин «*Аль-Мужаддидун фи аль-Ислам мин аль-Карн аль-Авваль ила аль-Раби Ашар*» эмгеги ушул эле жылы араб тилине Аббас Махмуд аль-Аккад тарабынан которулган. Амин аль-Хулинин *Аль-Таждид фи аль-Дин* аталыштагы ушундай мааанидеги эмгеги алгач макала иретинде жарыяланып, кийинчерээк китеп болуп чыгарылды. Аль-Саидинин буга чейинки 1950-жылдардын башында жарыкка чыккан «*Тарих аль-Ислах фи-аль-Азхар»* (Азхардагы өзгөрүү тизмеси) эмгегинде *ислахтын* төңкөрүштүк өзгөрүүгө үндөгөн багытына көбүрөөк басым жасаган (*аль-муслих аль-тахир*) бирок, анын 1955-жылдагы кийинки китебинин негизги темасына айланган *таждид* тууралуу такыр ооз ачпагандыгы кызыгууну туудурат. [54]

Көрүнүштүн өзгөрүүсүнүн негизги себеби болуп, биринчиден, азыркы мезгилдеги Батыштын басып кириши жана *ислахты* исламда ишеним менен каралбаган ойлор менен чаташтыруусун ишке ашырылышы, экинчиден, негизинен саясий чакырыктардан турган улутчулдуктун жана светтик идеологиянын басып алуучулук доордон кийинки мезгилде таркатылышы. Буга кошумчалай кетчү нерсе, Израилден жеңилип калуусун жана көпчүлүк мусулман өлкөлөрүндөгү ислам кыймылдары менен өкмөттүн ортосундагы согуштар. Кризис абалы үстөмдүк кыла баштап, негизинен *таждиддин* Курандагы бекем түптөлгөндүгүнүн айынан *ислах таждидге* жеңилип берүүгө аргасыз болду.

Фазлур Рахман (1988-григ.) Абдухту өзгөрүүгө муктаждыкты мойнуна алгандыгын, ошондой эле Хасан аль-Баннанын (1949-григ.) жана Абул  Мавдудини (1979-григ.) исламдын учурдагы ашыкчалыгына кар-

шы аракеттери жана исламды динден алыстоодон коргогондугу үчүн мактаганын кубаттады. Бирок, ошол эле учурда аларды өздөрүнүн "ыкмалары" жоктугун сындаган жана ири көйгөйлөрдү чечүүдө атайын чечимдерди сунуштаган. Фазлур Рахман, өз кезегинде, ислам методологиясын иштеп чыгууга аракет жасаган, салттуу ыкмалар мусулман идеяларын заманбап доордун акыл-эс чектерине жол берген эмес деп божомолдойт. Ал өз көңүлүн Куранга жана туура ыкмаларга, айрыкча анын чечмелөөлөрүнө бурган. Рахмандын милдети Куранга багытталган этиканы иштеп чыгуу үчүн Курандын адеп-ахлакка умтулуусун кайрадан карап чыгууга аракет катары жалпыланышы мүмкүн. Исламда так иштелип чыккан этикалык системасыз адилеттүүлүк орнобойт.[55]

Фазлур Рахман салттуу илимдин «атомистикалык мамилесин» сынга алган. Ошондой эле, юристтердин методологиясына систематикалык түрдө кеңири коомдук-этикалык теория жетишсиз болгон, бул анын ою боюнча, мыйзамдын негизин түзүүсү керек. Чындыгында, юристтер жогорку түзүлүштөгү укуктук системаны иштеп чыгууга умтулуу менен, мындай теориянын натыйжасы болуусу мүмкүн болгон өзгөрүүчүлүк мүмкүнчүлүгүн эстен чыгарышты.[56] Фазлур Рахман Курандын жетекчилиги хижаз элинин жана Арабиянын башка көпчүлүк элдеринин диний, саясий, экономикалык жана маданий жашоосу менен тыгыз байланышын түшүндүргөн. Бирок, бул тыгыз байланыш ислам теологиясы жана мыйзамдары тууралуу узакка созулган талаштардан улам талкаланды, бул талаштар орду толтурулгус жараларды пайда кылды. Бул ачык-айкындык адамзатына жеткиликсиз тарыхый жана чектен чыккан катары карала баштаган. Ачылыштын окуялары, белгилүү бир тексттерге түшүндүрмө берүүдө өтө маанилүү орунду ээлеген бөлүктөргө бөлүнгөн, ал эми *тафсир*, *фикх*, теология жана мусулмандардын чыныгы жашоосунун ортосундагы байланыш андан да алсыратылган.[57] Дагы бир эскерте кетчү нерсе, этика боюнча мусулмандардын эмгектери негизинен шарияттын тегерегинде иштелип чыккан эмес жана көз көрүнө эле грек жана перс булактарына негизделген. [58]

*Фикхтеги таждид* тууралуу эмгегинде Жамал аль-Дин Атиях көпчүлүк аймактарда *фикхти* карап чыгууну жана кайрадан жандандырууну талап кылган бир канча маселени көтөрүп чыкты. Атиях берилгендиктин маселелеринен баштап, рухий бирдиктин, *ибадаттын* айынан ырым-жырымдарга өтө көп көңүл бурулганын белгиледи. Психологдор сыйынуунун жана орозонун психологияда жана мүнөздү калыптоочу сапаты жана көптөгөн пайдалары тууралуу сөз кылса да,

булардын бири да *фикхти* өз ичине камтыбайт. Ал эми нике тууралуу Куранда төмөнкүдөй мүнөздөмө берилет: «Достук жана кайрымдуулук (*мавадда ва рахмах*)», деп, бул *фикх* илимпоздорунун ою боюнча, Курандын алгачкы рухунан жана анын адамзаттын кадыр-баркы жөнүндө кененирээк маалыматынан (*карамах*), адилеттүүлүктөн жана адилеттүү мамиле кылуудан (*аль-адл ва аль-ихсан*) такыр алыстап кетип, ээлик келишимине алып келет.[59] *Ибадатка* да, келишимге да басым жасоо формалдуулук негиздеринде жана жогорку түзүлүштөгү шарттарда (*аркан* жана *шуруут*) жасалат, алар өз кезегинде, субъекттин табияты жана руху менен бир пикирге келет жана орто кылымдагы коомдун баалуулуктарын чагылдырууга мүмкүнчүлүгү бар.[60] Ислам – мусулман биримдигине *фикх* мектептеринин же *мазхабдардын* чачыранды таасири же күчөтүлгөн түрдө айтылууда же туура эмес түшүндүрүлгөн биримдиктин (*таухид*) дини экендигин дагы бир жолу белгилей өтөлү. Укук мектептеринин көздөгөнү *ижтихаддагы* илимий изилдөөлөрдү кеңейтүү болчу, бирок алар мусулмандар арасында үстөмдүгүн жоготту жана ашкере берилгендиктин, ыдыроонун куралына айланды. Ушундай эле жол менен *таклид* доорунда илимпоз-стипендиаттар маалыматтарга таянышып, жалпы теориялардын жана жетектөө эрежелерин иштеп чыгуунун негизинде укукка бирдиктүү мамилени кабыл алышты. Андан сырткары, исламдын ишенимдери жана этикалык эрежелери менен *фикхтин* жана ушунун баары башкаруу менен кандайча байланышуусу керек деген ойдун ортосунда белгилүү бир кайчылаштык бар. [61]

Атиях аль-Карадавиден укканын – жаш кезинде Египеттеги алгачкы жылдарында жергиликтүү мечитте кеч кирип калганда магриб менен иша намаздарынын аралыгында рамазан сабагына катышкан. Сабак даарат алуу жана жуунуп-тазаланууга арналган болчу. Ошондо аль-Карадави тамаша иретинде: «Биз отуз түн бою бир сабакты өздөштүрө албай койдук", – деп кошумчалаган. Бул мамилени Пайгамбарга бедуин келип, намазды кантип аткаруу керектигин сураганда, ал жөн гана: «Менин намаз окуп жатканымды көрүп, так ошондой окуй бергиле" деген көрүнүшү менен салыштырса болот.[62]

«*Аль-фикх аль-Ислами фи тарик аль-таджид*» китебинде[63] Мухаммад Салим аль-Ава *таклиддин* илгертен таасири астындагы *фикхтин* токтолуусу жана заманбап чечимдерге муктаж бир катар маселелер тууралуу сөз кылат. Ал ошондой эле саясий юриспруденция (*аль-фикх аль-сияси, же аль-сияса ас-сихар ийях*) жеңилүүгө учурагандыктан, кеңешүү (*шура)* жана жоопкерчилик тууралуу Курандын эрежелерин ишке ашыра албай калды деп белгилейт.

Аль-Ава улуттук мамлекеттин жана башка мамлекеттер менен болгон тынчтык мамилелеринин контекстиндеги саясий партиялардын, ассоциациялардын эркиндигинин, жарандыктын талаптарына ылайык жоопторду берүү үчүн өкмөт башчысынын кызмат мөөнөтүнүн чектелүүсү жагдайдан чыгуу эмес, зарылдык жана көпчүлүк башка аймактарда *фикх* жалпыланган *ижтихаддын* жардамы менен жүргүзүлүүсү керектигин тастыктайт. Мындан сырткары, аялдын өлкөнүн саясий иштерине катышууга укуктуу болуусу, ошондой эле сот же күбө катарында катыша алуусу жана жашоого болгон чексиз теңдиги, кээ бир окуу куралдарында берилгендей, мисалы, арам жол менен табылган акча же дийя  ачык-айкын укуктарды чектөө болгон. Мусулман эместердин негизги укуктары жана киши башына салынган салыкты киргизүүнү *фикхтин* иштеп чыгуусу (*жизях*), исламдын искусство жана музыкага карата мамилеси, ошондой эле четтөөчүлүк жана далилдер мыйзамына тиешелүү жазык мыйзамы, айрыкча фактыларды орнотуунун ишенимдүүрөөк илимий жана заманбап ыкмаларына ылайык келтирилүүчү далил ыкмалары тууралуу суроолор туулат.

Салим аль-Ава жогоруда аталган китебин Жамаль аль-Баннанын *Нахва фикх жадид* (жаңы *фикхке* бет алып) китебин кароо менен баштаган жана *фикхтин* жаңылануусунун кээ бир татаал негиздерине тиешелүү өз мамилелеринин жалпы мамилелер менен окшоштугун табат. Бирок, аль-Ава өзүнүн жакындоолору менен аль-Баннанын жакындоосунун ортосундагы айырмачылыкты аль-Баннанын жаңылануунун жана өзгөртүүнүн туруктуу ыкмаларынан алыстаганы менен түшүндүрүп, көпчүлүк маселелерди *ижтихаддын* исламдык ыкмалары аркылуу чечсе болоорун белгилейт.[64] Бул мусулман илимпоздорунун арасында бир топ өз алдынча сындоонун – жаңылануунун, *таждиддин* пайда болуусунда жогоруда айтылган жетишээрлик маселелер тизмесин берет. Өнүгүү ар бир өлкөдө жана жалпысынан эле бирдей деңгээлде эмес болсо да, кандайдыр бир деңгээлде XX кылымдагы үй-бүлөлүк укукту өзгөртүү мыйзамдуулугу жана изилдөөлөрүнүн жардамы менен жүргүзүлдү, Мен сөз кылган авторлордун көпчүлүгү маселелерди көтөрүп гана чыкпастан, аларды талкуулап жана чечүү жолдорун издешкен. Так маалыматты алуу кыйынга турат, бирок мен кээ бир жерлерде XX кылымдагы ислам укуктарынын өзгөртүү боюнча иш-чаралардын жалпы көрүнүшүн ченемдик укуктук мыйзамдары, юридикалык доктрина жана изилдөөлөрдүн жардамы аркылуу бере алдым.[65]

XX кылымда исламдын кайрадан жандануусу жаңылануунун *салафийлер* түрүн да, ченемдик укуктук мыйзамдары аркылуу заманбап

өзгөрүүнү да камтыган кайрадан жандануунун негиздерине күбөлөндүрдү. Бирок *таждиддин* негизинде көрүнүктүү жетишкендиктерге жетишпеген жалгыз гана бутак – бул конституциялык укук жана аны сактоо болчу. Ошентсе да, 2011-жылдагы "араб жазы" жана анын кесепеттери, албетте, коомдун ислам идеясы, демократия жана адам укуктары өз ара байланышта болуп, пайдалуу өзгөрүүлөргө алып келүүчү жоопкерчиликти жана адилеттүү башкарууну талап кылуусунан пайда болгон. Бул мусулман дүйнөсүндө өздөрүнүн конституциялык, демократиялык жана мыйзам чыгаруу анттарын аткара албаган Батыштын мыйзамдарын жана конституциясынын башаламан таңуулоосунун башкача багытын түшүндүрмөк. Ошентсе да, бул макаланы жазып жатканда, тилекке каршы, өз элинин мыйзамдык укуктарын ишке ашырбоо үчүн каршы турган ийкемсиз лидерлердин кесепетинен "Араб жазы" күткөн натыйжаны берген жок.

## БАШКЫ МАКСАТТАРДЫН (*МАКАСИДДИН*) МААНИЛҮҮЛҮГҮ

Акыркы он жылдыктарда ислам идеясында жана илиминде ислам укуктарынын башкы максаттарына – *макасид аш-шарияга* карата кызыгуунун кайрадан пайда болуусу, илимий ыкмалардын жана *ижтиходдын* сөзмө-сөз түшүндүрүлүүсүнө бир тараптуу жооп берүү болчу. *Макасид* эми өзгөртүү идеясы жана демилгесинин жалпы кабыл алынган шилтеменин термини катары каралууда. Качан гана *таждид* демилгени, ой же максатты билдиргенде жана беш негизги *макасиддерге* (*даруурият, милдеттенме*) тиешелүү болгондо гана, анын ишенимдүүлүгү бул учурда тастыкталат.[66] Бирок, эгерде *таждид* белгилүү *макасиддердин* (шарияттын максаттары) бирөөсү менен байланышта болбосо, *таждид* исламдын туруктуу эрежелерине каршы келбесе, анда ал жарактуу деп табылуусу же терс критерийди колдонуусу мүмкүн. Бул учурда *таждиддин* колдонуусун далилдеген ислам булактарынан оң мисалдарды келтирүүнүн зарылдыгы жок. *Таждиддин* догма жана исламдын негизги түркүктөрүндө колдонуусу, сыягы, чектелгендей. Бирок *таждид* бул чөйрөдөн сырткары жана адамзат мамилелери жана *муамалатка (кайрылуу)* тиешелүү болгон маселелерде катыша алгандыктан, азыркы учур менен өнүгүүнүн кайрадан жандануусун эске алганда, анын негиздигин түшүнүү кыйынга турбайт. *Макасиддердин таждид* менен байланышы экономикалык өнүгүүнүн жардамы менен түшүндүрүлүүсү

мүмкүн. Бул өнүгүү юридикалык да, диний да эмес, бирок жакырчылык менен экономикалык өнүгүүнү, байлыктын адилеттүү таркатылышын ишке ашыруу аркылуу күрөшүү бир эле учурда *макасиддердин* да, *таждиддин* да негизги милдеттери болуп саналат.

Имам аль-Газали жана имам аш-Шатиби *ислам ойлору биздин диндин кененирээк максаттары менен алек болуусу керек жана жалаң гана анын кеңири түшүнүктөрү же болбосо хадистердин түшүндүрмөсү менен эмес* деген ойду карманышкан.[67] Бул көрүнүш *макасиддерге* толугу менен максатка багытталган жана колдонуу чөйрөсү кененирээк, кээ бир учурда ар кандай багыттарга бөлүнгөн жана *макасиддин* маанисин түшүнүктүү кылууга муктаж болгон өзгөчөлүктөрдү оңой жеңген көңүл буруу жолу менен максатына жетүүсү мүмкүн. *Макасиддин* кээ бир негиздери жай өнүгүү менен бирге, *таждидге* багытталган изилдөөлөр аркылуу иштелип чыгуусу мүмкүн. Мында *макасиддердин* аныктамасында сарамжалдуулуктун орду, ошондой эле, ал Ыйык Курандын бардык булактарында так берилген башка баалуулуктар менен максаттарды киргизүү үчүн кеңейтилген *макасиддин* же *дарурияттын* салттуу саноосунун чөйрөсү боло алабы же жокпу деген маселе тууралуу да айтса болот. М*акасиддин* башка эки, тагыраак айтканда, кошумчалоо (*хаят*) же коождоо (*тахсинийат*) категорияларынын аныктамасынын четте калуусун азайтуу үчүн, мүмкүн мыкты өркүндөткүч же ыкмалык тактоолорго муктаждыр. Автор бул теманы дагы бир жерде кененирээк талкуулап кеткен.[68] Ыйык Курандын насааттарынын жана анын такталган максаттарынын же *макасиддин* ортосундагы тыгызыраак байланышты орнотуу, андан кийин анын *таждид* менен байланышкан ченемин көрсөтүү – *таждиддин макасидге* болгон катышынын негизги милдети экендигин жетишээрлик деңгээлде берген. Ошондуктан, шарияттын чечимин (*хукм*) жана анын максаттарын маалыматтардан такыр алып салуу, жадагалса так ушул *хукм* XVI-XXI кылымдагы үммөт *таждидге* байланышкан багыттагы колдонмону сунуштай алаарын четке кагуу, эми жетишээрлик эмес.[69]

# ЖАҢЫЛАНУУНУ (ТАЖДИДДИ) СЫНДОО

Басып алуучулук доордон кийинки мезгилдеги мусулман дүйнөсүндө пайда болгон кризистин шарттары *таждиддин* кыйроосуна да таасирин тийгизди. Мисалы, Түркияда *таждид* кыймылдарына карата коомдук пикир көбүрөөк сын иретинде колдоно баштады, алар Осмон халифатынын жана *таждид-ум-ислахтын* күмөн жараткан топторунун кыйроосуна күбө болушкан, батыштык жана светтик санаалаштары менен Ататүрк сымалдарды кийинчерээк Рашид Рида  Батыштын үлгүсү менен ооруган тууроочу *таждид* деп атаган. *Таждид* Пайгамбарлык хадисте эмес, Батыштын азыркы учурдагы Батыштын абалында, анан да күмөн чындыкта негизделген деп көрсөтүшкөн. Кээ бирлер, жадагалса, *таждидди* динден алыстоо, айрымдары ислам кейпин кийген пайдасыз жаңычылдыктар (*бид'а)* менен окшоштура башташты. *Таждид* дискурсунун тегерегиндеги XX кылымдын окуяларын төмөнкүчө төрт топко бөлүүгө болот:

Негизинен *ижтихад* аркылуу пайда болгон жаңы маселелерди чечүүгө умтулган окуяга басым жасаган *таждид.* Бул абалдын тарапташтары *таждиддин* да, ошондой эле *салафия* кыймылынын да маанилүү бирдиги болуп өткөн окуяларды байланыштырышкан. Мында окуя жалаң гана хадистен же Ыйык Курандан алынбастан, мектептерден, билимдүү инсандардан, мурдагы имамдардан турат Бул окуяны тууроого, *таклидге* жакындатуудан тышкары бул агымдын тарапташтары бул чектелген жана жетишээрлик сунушталган *ижтихад* болсо дагы, ал үчүн ачык бойдон калышкан. Рашид Рида, Саид Рамадан аль-Бути жана Махмуд аль-Тахан ушундай көз караштты карманышат»[71].

Ачык *ижтихадды* коргоо (*аль-ижтихад аль-мажиих*), мында алар Куранды жана биримдикти, сарамжалдуулукту чогуу алып жүрүшөт. Мухаммад Икбал, Ахд аль-Мутааль аль-Саиди, Амин аль-Хули жана Юсуф аль-Карадави бул агымды ислам идеяларынын эркиндиги, шариятты жана *ижтихадды* заманбап чындык жана окуялар менен чогуу үгүттөө чакырыгында жарыялашкан.

Ыкмалык жаңычылдыктар жана өзгөртүү аркылуу өнүгүүнүн өрчүп келаткан кризисине (*азмат аль-хадар*) багытталган билимди исламдаштыруу *(исламият аль-марижах*) жана илимий ой жүгүртүүчүлүк өзгөртүүчү кыймыл. Бул көз караш Виржиния Ислам идеяларынын эл аралык институту 1981-жылы түптөлгөндөн бери сакталып келет. Институт жана аны негиздегендер бир четинен *таклидге*, экинчи жак-

тан дүйнө жүзүндөгү маселелерди чечүүдө батыштык доктриналардын ченемин сын көз караш менен карашат. Негизги көңүл предметке жана мазмунуна караганда колдонулуучу куралдарга жана ыкмаларга бөлүнөт. Бул ойго Абдулхамид Абу Сулайман, Таха Жабир аль-Альвани, Имад аль-Дин Халил, Мухаммад Камаль Хасан жана башкалар кошулушат.[72]

*Таждид-ааламдашуу* катышы *таждиддин* кененирээк маанисин сунуштайт. Ал эч бир так ыкма же түзүлүш менен байланышы жок, бирок азыркы мезгилдеги маселелерди алардын өз контекстинде чечүүгө умтулат. Ааламдашуу мусулман дүйнөсүнө өнүгүү ченемдеринин көйгөйлөрү менен сүңгүп кирди. Ошондуктан, жаңылануу жана *таждид* боюнча иш-аракеттер маселенин мүнөзүнө негизделүүсү керек жана албетте, өз ичине кененирээк колдонуу чөйрөсү менен ченемди камтуусу зарыл. Бул агымдын жактоочуларынын катарын Мухаммад Абид аль-Жабири, Абул-Касим Хадж Алмад, Абд аль-Рахман аль-Кавакиби, Мухаммед аль-Талби жана башкалар толуктайт. Алар *таждид* кыймылы өз максаттарына замандын чындыгын диндин жана эскичиликтин күзгүсү аркылуу кабыл алган өнүгүүнүн жолдоруна эскичил жана жаңычыл көз караштардын чаташып, баш аламандыкка алып келүүсүнүн кесепетинен жетпей калгандыгын белгилешкен.

Мусулман реформалоо кыймылдары, Малек Беннабинин аныктамасы боюнча (1973-григ.), туура эмес план түзгөндөн жана жетекчиликтин жетишсиздигинен жабыр тартышкан. Мунун натыйжасында мектептердин, модернисттердин жана өзгөртүүчүлөрдүн арасында баш аламандык пайда болду. Биринчиси, Батышка жергиликтүү маселелерди чечүүнү издөө үчүн саякатка кетип жолунан адашты. Экинчиси, мурдагы атагына карата иштөө жөндөмүн жоготтту, баштапкы абалына берилген бойдон калып, түшүнбөстүктөрдүн себебин аныктоого сүңгүп кире алууга жөндөмсүз бойдон калды.[73]

Башка бир изилдөөчү ислам диний баш аламандыктын курмандыгы болгондугун, аны кененирээк өнүгүү максаттарын тепселеген бир катар ырым-жырымдарга багыштай башташканын: «Тилекке каршы, чыныгы өнүгүүгө тиешеси жок маселелер” көпчүлүк исламдык кайра жандануу кыймылдарынын күнүмдүк иш тартибине кирип калды”, – деп белгилейт.[74]

2005-жылы өткөн Каир университетинде «Цивилизациялардын диалогу” (*Хивар аль-Хадарат)* деген аталыштагы конференцияда Тарик аль-Бишри *муасараны* (азыркы учур) басып алуучулук доордон кийинки мезгилде мусулмандардын колдонуусу негизинен Батыштын

азыркы кездеги абалына жана өнүгүүсүнө негизделгендигин аныктаган. Мусулмандар өздөрүн Батыштын күзгүсү аркылуу көрүштү. Дагы бир изилдөөчү Ибрагим аль-Байюми ошол эле окуя тууралуу төмөнкүчө баяндайт: «Ислам кыймылдарынын, күчтөрүнүн арасындагы азыркы мезгилдеги талаш-тартышы негизинен Батыштын үлгүсүнө жакындоо, ага салыштыруу менен жүргүзүлгөн. Либералдык, динден алыстаган кыймылдар өз программаларына бул үлгүнү сын-пикирсиз кабыл алышты.»[75] Бул Кассим Аминдин китебинде сүрөттөлгөн, ал Абдухтун таасиринин астында гендердик тең укуктуулукту коргогон, кийинчерээк ал учурдагы Батыштын агымына кошулуп кеткендиктен, анын исламдагы таасирине Батыш ой-пикири тарабынан көлөкө түшүрүлдү.

Муртада Мутаххаринин *таждидди* сындоо менен бирге кайра жандануунун долбоорунун жолун торогон эки тоскоолдукту белгилейт: ички жана сырткы. Биринчиси, өз учурунда, эки факторго багытталат, бирөө – диний институт, бул терс стереотиптерден арылуусу менен исламдын ойлонуу эркиндиги, гендердик тең укуктуулук жана заманбап илимге тиешелүү кээ бир негиздеринин жаңылануусу үчүн ачыгыраак болууга аракеттенүүсү. Чыныгы жаңылануунy колдогон экинчи фактору болуп саясий зомбулук эсептелет. Саясий зомбулук жаңылык эмес, ал байыртан бери эле өзүн мыйзамдаштырып жана өзүнө Кудайдан орнотулган макамды ыйгарып алуу үчүн, зомбулук динге таянган саясий зомбулук тажрыйбасынын бир бөлүгү болуп келген. Азыркы учурда саясий зомбулук түрдүү кейиптерде иш жүргүзгөн же бийликти алуу ыкмаларында же өз бийлигинин келип чыгуусунда жана динди таш боор саясаттын куралдары катары колдонууда. Муну менен күрөшүү керек жана чындык элдин пайдасы үчүн ачыкка чыгарылышы зарыл. Ошондой эле окуу жайларды саясий бийликтин таасиринен тазалоо керек. [76]

*Таждид* дискурсунун алсыздыгы, Мутаххари туура белгилегендей, бул *таждиддин* өзүнүн ички алсыздыгы, буга бирдиктүү пландын жана көрөгөчтүктүн жоктугу кирет. Кээде бул бир негиздин эсебинен экинчисин толуктоого муктаж болот да, кээде ал бир да кемчиликсиз болуп калат. Мындай начар белгиленген ыкмалардын жетишсиздиги *таждиддин* өнүгүүсүнө бөгөт болуп келүүдө.[77]

Жаңылануунун сырткы тоскоолдуктарын үчкө бөлүп кароого болот: 1) чет элдик басып алуучулардын экономикалык жана саясий жактан эзүүсү жана текшерүүсү; 2) ислам баалуулуктарына карама-каршы келген коомго маданий жана адеп-ахлактык басып кирүү, айрыкча ааламдашуунун пайда болуу учурунан баштап; 3) өзүбүзгө жана дүйнө-

гө карата көз карашыбызды бурмалаган идеологиялык жана интеллектуалдык чабуулдар.

## ТЕОЛОГИЯЛЫК ЖАҢЫЛАНУУГА ЧАКЫРЫК

Биз жогоруда сөз кылгандай, Муртада Мутаххари, *калам* (теологиялык окуу) окуусунда да кенен караган жана биз эң биринчиден бул эмгегибизди дал ушул маселеге байланышкан талкуудан баштамакчыбыз. Мутаххари жаңы жана эски *калам* тууралуу сөз кылат. Ал жаңы каламга анын диалекттик мүнөзүнө жана мусулмандардын чыныгы жашоо шартынан алыстаганына байланыштуу сын көз караш менен карайт. Ал белгилеген жаңы *калам* XX кылымдын мусулман ойчулдарынын бир топ эмгектерине негизделет: Мухаммад Икбаль, Жамал аль-Дин аль-Афгани, Мухаммад Абдух жана башкалар. Биз *таухидде* жаралган жана мусулмандардын, ошондой эле жалпы адамзатынын жашоосунда маанилүү орду бар *калам* тууралуу сөз кылуудабыз. Кийинки бөлүктөр *каламга* байланышкан окуялар тууралуу Мутаххаринин көз карашын чагылдырат. Мутаххаринин *каламга* берген аныктамасы төмөнкүчө берилет: «*Калам* – бул ой-жүгүртүүгө негизделген алгачкы ислам ишенимин ерестерден жана мусулман коомунда орун алган калп акыйдалардан сактоо үчүн колдонулган өзүнө-өзү баа берүү.”[78] Алгач диалектикалык *калам* өнүккөн жана көпчүлүк белгилүү карама-каршылыктарда колдонулган, ошондой эле исламдын биримдигин сактап калууга умтулган. Бирок акыркы жылдардагы өнүгүүсүндө *калам* мусулмандардын негизги эрежелерине туура келбеген түрдө аша чапкан диний ой-жүгүртүүлөрдүн жана философиялык концепциянын жыйындысына айланды. Бул тажрыйба исламда пайда болгон алгачкы саясий пикир келишпестиктердин, эллинисттик философиянын киргизилүүсү, ар түрдүү топтордун жана ишенимдердин түзүлүү мезгилинде түптөлө баштаган. Аны ар бир секта өз мыйзамдуулугун тастыктаган курал катары пайдаланышты. Түрдүү секталар өз көз караштарын коргоо ыкмаларын түрдүү булактардан алынган теологиялык жана философиялык билимдерди колдонуу менен бирге иштеп чыккан. Бирок, буга карабастан, жалаң гана философиялык темаларды камтыса да, *калам* диний ишенимдин негиздери менен байланышын сактап кала алды. Анын көз карашында ар дайым Кудуреттүү Кудайдын бар экендиги жана Ага тагдырлар, аяттар, пайгамбарлык, сурак берчү күн, үммөттөр, колдонмолор жана башкалар таандык болгон. Ошентип, Кудай жалгыз деген

ой башка ойлорго негиз бойдон кала берет. Ошонун себебинен *калам* Кудай жөнүндөгү исламдык илим катары белгилүү болгон. Өнүгүү учурунда анын түшүндүрмөлөрүнүн теориялык мүнөзүнө карата алар кантип адамзатына жана коомго таасирин тийгизе алды деген бир гана суроо калган.

*Калам* диалектикага терең негизделген жана дээрлик күнүмдүк жашоо менен байланышкан жалпы түшүнүккө карама-каршы келген теориялык методологияга жана түшүнүккө айланды. Ал ошондой эле мааниси жок маселелер менен алек болуп, мусулмандын жеке жашоосуна жана Кудуреттүү Аллах менен мамилелерине зор таасирин тийгизе албай калды. *Каламдын* Кудайдын жөндөмдөрүнүн ченемдери жана адамзаттын ишмердүүлүгүнүн чектерине карата так эместиги мусулмандарга таасирин тийгизди. Бул далил жалгыз эле диалектикадан эмес, ошондой эле Аллах жана анын жараткандарынын ортосундагы мамилелер тууралуу жөнөкөй суроодон да көз каранды болгон.

Кудай Кудуреттүү деген ырастоо, өз учурунда адамзаттын жоопкерчилигине тиешелүү көптөгөн маселелерди козгогон, жана тагдырга ишенүү багытына багытталган чексиз курал. Жыйынтыгында, карама-каршылыктарга катышкандар өз талаптарын колдоо үчүн бардык мүмкүн болгон негиздерди келтирүүгө умтулушкан. Тандоо ыкмасы Кудайдын жаратуусундагы борбордук орунга ээ болуу, ошондой эле адамзатка анын иштерин башкарууга мүмкүнчүлүк берет деп ырасталган. Аллири Имандын жасаган иштерине жоопкерчилиги толугу менен шариятта акталган. Кудай бардык иштерибиздин ортомчусу деген ырастоо тынчсызданууну жаратат, себеби, бул өз ичине Аллир Имандын кылган бардык туура же туура эмес жана өз кезегинде ашыкча этикалык милдеттердин негиздеринде жасалган иштерин камтыйт.

*Таухиддин* негизинин коомдук жана психологиялык жетишсиздиктерине күмөн саноого болбойт, бирок теориялык диалектика ишенимдин жашап жаткан натыйжасын көрсөтүү үчүн биздин жалпы түшүнүгүбүзгө сиңип кетпеши керек. Негизинен, мындай темалар илимий талкуулардын чегинен чыга элек жана алардын коомдук аң-сезимди шыктандыруучу принциптери катары таасири аз өлчөмдө калган. *Калам* ишенимди жана адамзаттын жетекчилигин сактап калуу үчүн курал катары башталган, бирок жыйынтыгында бүт баарын жоготууга учуратты да, диндин таасирин солгундатты.[79] Бул адамзатты жана анын мүмкүнчүлүктөрүн бошотуп, татаал диалектикалык ой толголордун көйгөйлөрүнөн сырткары жашоонун ритмдерин башкаруудагы таасирдүүлүгүн кайрадан орнотуусу керек. Мындан сырткары, жандуу

тажрыйба жан дүйнөңдү жандандырат, адамга шык жана келечекке үмүт берет.

Мутаххари Мухаммад Икбаль *каламды* өзгөртүү зарылдыгын түшүнгөндөн кийин, аны иш жүзүнө ашырууга аракет жасаган биринчи изилдөөчү болгондугун тастыктайт. Кудайдын жалгыздыгы жөнүндө илимди ырастап гана тим болбостон, адамдын ички шыктандыруусун камсыз кылган, жүрөгүн жандандырган, жалкоолукту жана өзгөрбөөчүлүктү жеңген мамилелерди куруусу керек. [80]

Мындай ойлордун жүрүшү Малек Беннабинин эмгектерине да өз таасирин тийгизди, ал *"Мусулман дүйнөсүнүн кулачтары"* китебинде минтип жазат:

Биздин көйгөйүбүз - Кудайдын бар экендигин далилдөөдө эмес. Бул, албетте, Анын бар экендигин кабыл алуу жана сезе билүү мүмкүнчүлүгүбүздөн көз каранды, себеби Ал бүтүндөй жашообуздун, күчүбүздүн жана кыймыл-аракетибиздин, ошондой эле эркибиздин, чечкиндүүлүгүбүздүн жана ой-максаттарыбыздын башаты.[81]

Салттуу *каламдан* мындайды күтүүгө болмок эмес, ал талкуунун атагын чыгарган жана маданий, психологиялык натыйжалуулукту Кудайдын бар экендиги жөнүндөгү теориялык идеялар менен ордун алмаштырганына байланыштуу. Мусулман ойчулдары мусулмандардын жеке жашоосуна таасирин тийгизе алгандай деңгээлде салттуу *каламдын* өзгөрүүсүнө жеткирилди.

Бирок, мында дагы бир башка фактор бар экендигин айта кетели. Заманбапташтыруу жүргүзүлгөн бардык жерлерде, дүйнөнүн маданияттары жана диндер арасында болуп көрбөгөндөй өз ара мамилелер болуп баштады. Эң маанилүү маселелер өнүгүүгө байланыштуу болуп, ал эми жаңы көз караштар менен ачылыштар кызыгууну жаратып, диний ырастоолорду көмүскөдө калтырды. Мутаххари аль-Афгани өнүгүүнүн талаптарына жооп берет деген үмүттө *таухиддин* келечектүүлүгүн түзүүгө алгачкылардан болуп аракет жасагандыгын ырастайт. Өзүнүн атеисттик доктриналарынын сындоосунда ал *таухиддин* негизине ишенүүгө жана анын бүткүл жаратуунун бирдиктүү тагдырына, сурак күнүнө алардын баарынын чогулуусу жана анын адам баалуулуктарын оң тандоосуна жана анын кылган иштерине жоопкерчиликтүү болууга басым жасайт. Ал бул эки учурдун жан дүйнөнүн каалоосу жана анын талкалануусун алдын алуу үчүн маанилүүлүгүн баса белгилеген; алар саткынчылыкты, алдамчылыкты токтотот жана адилеттүүлүккө жетүү үчүн зарыл нерселер. Аль-Афгани Кудайдын жалгыздыгы – *таухид* өнүгүүнү алдыга жылдырууга жардам берет жана анын натыйжасында

адамдын бакыт сезимин жана рухий деңгээлин жогорулатууну пайда кылат. Бул ойду жеткирүү үчүн канча жылдардан бери чогулган бурмалоолор жокко чыгарылышы керек. [82]

Мутаххари баяндоону Мухаммад Абдули Жамал аль-Дин аль-Афганинин эмгегин уланткан жана өзүнүн «*Биримдиктин теологиясы»* аттуу китебинде ошол мезгилдеги ислам идеяларынын маанилүүрөөк деп саналган көрүнүштөрүн көрсөтөөрүн айтуу менен улантат. Ал абийир да, аң-сезим да адамга бирдей таасир тийгизээрин белгилеп, адамзат анчалык деле эстүү эмес, бирок Кудуреттүү Жараткандын күчүнөн жана ишмердүүлүктү жүргүзүү боюнча Анын көрсөтмөлөрүнөн көз карандылыгын сезе билээрин ырастайт. Китепте ишенген адамга жан дүйнөсүн тазартуу, абийирин ойготуу жана жаман иштерди жасоодон оолак болуу үчүн көптөгөн көрсөтмөлөр берилген.[83]

Абдух *таухид* – бул адамдын кадыр-баркын жана эркиндигин билдирген боштондукка чыгарылган энергия жана ал бүт адамзат тең жаратылган, бул баалуулуктарды өркүндөтүү үчүн баары биргеликте иштөөсү зарыл деп белгилейт. *Таухид* баш ийүүнүн бардык ырастоолорун Кудуреттүү Кудайга тиешелүү дегендей эле, ал коомдук айырмачылыктарга кайрадан биримдикке келүүсүнө из салат. Мунун натыйжасында адамдын эркинин, идеяларынын көз карандысыздыгына алып келет. Бирок, Абдух мусулмандар кылымдардан бери колдонуп келаткан көпчүлүк ислам ишенимдери динден баш тартуу учурунда бурмалоого дуушар болушканын мойнуна алат. Демек, ислам ага ишенгендердин азаюусуна жараша коомдон алыстагансыды.[84]

Ареф Али Найед, *калам* боюнча адис (теолог), Дубайдагы Kalam Research & Media (KRM)нын директору, араб жана ислам изилдөөлөрү үчүн эпископ институтунун (Римдеги) мурдагы профессору, жалындуу сөздөрү менен жаңыланган кайрымдуулук теологиясына чакырып кеткен. Ушул жерден мен алгач Кембриджде жасаган, андан соң “тынчтыктын, кайрымдуулуктун жана бакыттын өнүккөн экологиясы” аттуу темадагы конференцияда жарыялаган презентациясынын жыйынтыгын чыгарам. Найед *калам* өзгөчө ырым-жырымчыл, саясатташкан, дин үчүн зордук-зомбулуктун айлампасына туш келди деп, теологиялык тыныгуу тууралуу айткан. Баарыбызга карата айтылган “тыюу салуучулук (табулук) жана биздин салттарды бурмалоочу калыстык эместиктерге өзгөчө көңүл буруубуз зарыл. Кудайдын жараткан ар бир жандыгына карата жасалган мыкаачылыкты сындоо үчүн биз баарыбыз биригишибиз керек, себеби бул бүткүл адамзатка кол салууга барабар” деген чакырык жана муктаждык бар.[85]

Жаңыланган *калам* Курандын көрсөтмөлөрүнө, Мухаммед Пайгамбардын сүннөтүнө негизделүүсү жана Кудайдын сүйүүсүнө эң жакшы жол – бул сүйүүнүн, кайрымдуулуктун жана Анын жараткандарына кызмат кылуу тажрыйбасы экендигин көрсөтүүсү керек. Кайрымдуулук *каламы* исламдын жаңылануу (*тажидид*) жана илимий рухий умтулуу (*ижтихад*) эрежелерине негизделүүсү керек.

Теологиянын жакшы жактары ишенимдүү түрдө салтта тамырланып калышкан жана адамзаттын жакшылыктары үчүн өзгөчө жемиштүү. Жаман жактары салттан четтетилип калган жана адамзатка зыян алып келген нерселерден башка эч нерсени иштеп чыгарышпайт.[87]

Найед өз чакырыгын толуктоо максатында Курандан көптөгөн үзүндүлөрдү жана хадистерден мисалдарды келтирген. Куранда Кудайды тастыктоосунун өзү эле таң калтырат:

“Силердин Эгеңер Өзүнө Өзү Мээримдүүлүктү милдет кылды”. (Анам сүрөсү, 6:54).

Мухаммед Пайгамбардын хадисинен: “Кудай мээримдүү кулдарына мээримин төгөт. Жер шарынын жашоочуларына мээримдүү бол жана Ал асманда туруп, сага мээрим жиберет.”[88] Ошондо бул биздин “теологиялык экологиянын так борборуна кайрымдуулукту орнотуу жана аны биздин жашообуздун так борбору кылуу милдетибиз болуп калат.[89] Андан сырткары, суннит каламынын салттары (*ашари*, *матуриди* же *ханбали*) жаңыланган шиит каламынын салттары (*зауди* же *исмаили* болобу), ошондой эле Ибади каламы менен өз ара сыйлашуу мамилелерсиз жаңылана албасын Найед кошумчалайт. Сунниттер, ошондой эле бүгүнкү күндөгү жөөт, христиан, будда жана индиялык теологиялар менен өз ара ишенимдик мамилелерсиз кайра жандана жана жаңылана албайт. Себеби, Кудайдын жаратканы биздин плюрализмдин көп түрдүүлүгүнүн чындыгынын булагы болуп саналат. Ошентип, бир да жаңыланган ислам теориясы Кудай орноткон теологиялык көп түрдүүлүктүн бирдиктүүлүгүнөн сырткары боло албайт. [90]

Түрдүү доктриналар жана теологиялар менен ар түрдүү коомчулуктар жана мектептер, албетте, алар өздөрү ишенген жана билген нерселерди туура деп табуусу керек. Ошондуктан алар макул болушпайт жана талашышат, бирок алар “муну моюн сунуу жана момундук менен жасашы керек (көркөмдүк менен)” жана мусулмандар Куранда жакшылык жасоо, негиздүү көрсөтмөлөрү жана сылык ой-толгоого карата айтылган насааттарына берилгендикти сактоосу зарыл. (Нахл сүрөсү, 16:125). Биз чечилбей тургандай сезилген талаш-тартыштарга туш болгонубузда, аларды ошол бойдон кабыл алалы жана Кудайдын бизге

туура жолду көрсөтүүсүнө ишенели.[91]

## ӨНҮГҮҮНҮН КАЙРАДАН ЖАҢЫЛАНУУСУ (ТАЖДИД ХАДАРИ)

Исламдагы кайрадан жандануу дегенди биз кандайча түшүнөөрүбүз тууралуу мен төмөнкүлөрдү белгилемекчимин:

Ислам окуулары негизинен адамзаттын акыл-эси, эрежелердин жыйындысы аркылуу маалыматтанган жана агартылган белгилүү билимди жана сырткы, ички айлана-чөйрөнү түшүнө билүүнү чагылдырат. Бул билимдин сырткы ченеми – бул жеке адамдарга жана коомчулуктарга, ошондой эле алардын эң биринчи жер бетиндеги жашоосуна жана жашоо чөйрөлөрүнө таандык болуу милдети. Бул – ислам окуусунун Жер бетиндеги адам баласынын жашоосунун (*истиклаф фи аль-ард*) негизги көрүнүшү жана анын ырайымдуулук рухуна негизделген жана байытылган (*ихсан*) адилеттүү коомдук тартипти куруу жана түзүү мүмкүнчүлүгүнө жоопкерчиликтүү болуусу. Ислам окуулары, төмөнкү түшүнүктөрдү чечмелейт: эске салуу (*зикр*), туура кеңеш (*насиха*), өзүн-өзү өстүрүү жана адамзат жашап жаткан коом үчүн түбөлүк күрөш же *жихад*, андан соң албетте, *ислах* менен *таждид*.

Эске салуу жана туура кеңеш берүү зарыл нерселердин катарына кирет. Бул сөз болгон баалуулуктар адамга кайдыгерлик менен мамиле кылуу жана аны унутуп калуунун курмандыгы болушу ыктымал. *Таждидди* алып жүрүүчү диний милдетти жана исламдын өнүгүү көрүнүшүнө көңүл бурдурууну эске салуучу болсо, *таждид* исламдын диний да, тажрыйбалык да зарылчылыгы болуп саналат. [92]

Ислам окууларынын теоцентрикалык маңызынын акыл-эс менен маалымдоо идеясы Куранда төмөндөгүдөй берилген:

“Менин жолум ушул – бир гана Аллахка чакырамын. Мен жана мени ээрчигендер, ачык далил үстүндөбүз. Аллахты аруулаймын. (Ага) шерик кошуучулардан эмесмин”, – деп айткын (*Юсуф сүрөсү*, 12:108).

Пайгамбардын «Аллахка чакыруусу» бул аятта Курандын динге карата мамилесин көрсөткөн, акыл-эс менен текшерүүгө мүмкүн жана жеткиликтүү болгон акыл-эс маалыматынын жана ырастоонун натыйжасы катары сүрөттөлөт. Акыл-эс маалыматы динге ишенген адамдын ички жан дүйнөсүнүн ойгонуусун, анын сырткы жүрүм-туруму жана дайыма коомду жакшыртууга туруктуу умтулуусунда ээлеген орду менен бириктире алат.

Өнүгүүнүн жаңылануусу, мааниси жагынан бай жана көп кырдуу болуусу зарыл болгон *таждиддин* ээлеген орду сымал эле кенен жана ар тараптуу. *Таджид* да кенен же жаңылануну талап кылган өнүгүүнүн белгилүү негиздерин гана кулачына алуусу мүмкүн. Аль-Кадий белгилегендей, *таждид* өз ичине бүтүндөй мусулман коомчулугун камтыйт жана өзүнчө топтор же аймактар менен чектелип калбайт. Бул, ошондой эле диндин кандайдыр бир белгилүү чөйрөсү менен чектелбейт, бирок бүтүндөй ислам динин камтыйт. Ошентип, *таждид* диний маселелер жана ислам ишениминин негиздери менен алектене алат (*ибада* жана *акидали*), бирок илимий-изилдөөчүлүк мааниде эмес, негизсиз маалымат жайылтууларды болтурбоо жана токтотуу маанисинде. Ошондой эле ишеним жана баш ийүүнүн негизинде сарамжалдуу ойлонуунун бүтүндүгүндө жогорку деңгээлдерди багынтуу да *таждиддин* алектенүү ишмердүүлүгүнө кирет. Эгерде диний тажрыйбалар мааниси жана рухий жактан коомдон ажыроо деңгээлинде өтө эле ырым-жырымдарга толуп кеткен болсо, анда жаңылануунун, чындыгында зарылчылдыгы жок. Ушундай эле, эгерде динден алыстаган азыркы учурдун жана илимдин таасиринде күмөн саноо алардын колдонуусу тууралуу маселени көтөрүп же исламдын көз карашы менен чыкса, анда *ислах* менен *таждид* толугу менен бул орунду ээлеп калуусу ыктымал. [93]

*Таждид* жана *ислах,* жогоруда айтылгандай, убакыттын белгилүү бир бөлүгү менен чектелбейт жана исламдын эрежелерине кайдыгер кароо же алыстоо катары колдонуусу мүмкүн. Бул идеяларга кайсы бир топтун үстөмдүгүн таңуулабастан, белгилеп кетүүчү маанилүү нерсе – *таждид*, *ислах* жана *ижтихад* адистештирилген чөйрөлөрдө жана маанилүү маселелерди чечүүдө адистер тарабынан колдонулуусу, алар жеке жактар же органдар жана мекемелер болобу, Курандын аяттарында төмөнкүчө берилген: “Эгер билбесеңер, илимдүүлөрдөн сурагыла” (Нахл сүрөсү, 16:43). Бул дисциплиналардын адистештирилүүсү жалпыга жеткиликтүү болуп турган азыркы заманда өзгөчө маанилүү. *Таждид* жана *ислах* шарияттын кызыкчылыгын билдирген субъекттерде дагы текст менен башкарууну алардын чыныгы максаттары жана жогоруда белгиленгендей, заманбап маанисин *макасидди* бириктирүүсү керек. Ислам өнүгүүсү Курандын *васайах* түшүнүгү менен бирдикте жуурулушууга негизделген (Бакара, 2: 143).[94] Ал көп кырдуу жана бардык адамзат бир тууган деген ойду кошо алган. Ислам өнүгүүсү ошондой эле эволюциялык болуп саналат, себеби, алыстоо жана өзгөрүү элдердин чыныгы көйгөйлөрү жана пайдалары (*же маслахаттар*) менен

чогуу каралат. Ошол эле мезгилде, ал Курандын башкы кайрымдуулук (*рахима*) жана акылмандык (*аль-хикма*) принциптерине негизделүүсү зарыл. Бул түшүнүктүн башка эки маанилүү аспекттери болуп акыйкат адилеттүүлүк жана жогоруда белгиленгендей, башкаларга мээримдүү болуу зарылдыгы эсептелет.

Мен азыр исламдын өнүгүүсүнүн жандануусунун, айрыкча башка ири өнүгүүлөр менен болгон байланышындагы түрдүү ченемдерин кыскача жыйынтыктап кетем:

1) Жакшылык менен жооп берүү. Бул Курандын аятында негизделген: “Жакшылык менен жамандык тең эмес. Жамандыкты жакшылык аркылуу жойгун. Ошентсең, сени менен анын ортосунда душман болгон адам да өтө жакын достой болуп кетет”. (Фуссилат сүрөсү, 41:34).

Бул ислам түшүнүгү үчүн башка түшүнүктөр менен өз ара байланышы үчүн маанилүү. Чындыгында, тынчтыкта жашоо өз ара пайдалуу иштерде кызматташууга мыкты колдонмо болуп саналат.[95] Башкача айтканда, мусулмандар коомдук учурдагы маселелер менен өз ара иштиктүү аракеттенүүсү керек жана Курандын адилеттүүлүк рухуна, кайрымдуулугуна жараша жакшылык менен жооп берүү, жалпы маанide жана *хикмада* аткарылып, анын ченемдеринен сырткары демилгени колго алуусу керек.

2) Көз караштардын көп түрдүүлүгүн өнүгүүнүн маданий, саясий жана коомдук-укуктук чөйрөлөрүндө таануу жана үгүттөө. Бул Курандын негизги эрежелеринде жана түшүндүрмөлөрүндө берилген: «Силердин ар бириңер үчүн жол-жобо жазып койдук. Эгер Аллах кааласа баарыңарды бирдей коом кылып коймок. Бирок жиберилген жол-жоболор аркылуу силерди сынамакчы. Жакшылык иштерде жарышкыла..». (Маида сүрөсү, 5:48; о.э. Хужурат сүрөсү, 49:13).

3) Пайдалуу кызматташтыкты жана башка коомчулуктар, өнүгүүлөр менен алмашууну өөрчүтүү. Мындай кызматташтыктын мүмкүнчүлүктөрү (*та'авун*) илим жана соода, айлана-чөйрөнү сактоо, терроризмге жана зордук-зомбулукка каршы уюм, ядролук жана массалык кыргын салуучу куралдар сымал чөйрөлөрдө кеңири. Мусулман эмес (*каапыр*) коомчулуктар жана улуттар менен болгон мамилелер, эң биринчиден, Ыйык Куранда колдоого ээ болбогон, дүйнөнү экиге: ислам жана каапырлар ж.б. дүйнөсүнө (*дар аль-Ислам жана дар аль-Кафр*) бөлгөн юрисдикцияга караганда өзгөчөрөөк, сарамжалдуулук менен колдонуусу зарыл.

4) Мусулман эмес өлкөлөрдөгү мусулман азчылыктары үчүн юриспруденцияны (*байаль-ахалийят*) күчөтүү жана андан ары өөрчүтүү.

Бул Курандын негиздерине, анын кыйынчылыктарды жоюу тууралуу буйруктарына негизделүүсү абзел. Куранда минтип айтылат: “Ар кимдин дараметине жараша (милдет) жүктөлөт...” (Бакара сүрөсү, 2:233). Ошондой эле, бул мусулман өлкөлөрүндөгү көпчүлүктүн азчылыкка мыйзам алдында тең укуктуулуктун жана кененирээк коомчулук менен өз ара мамилесинин (*му’амалах билмихл*) негизине жараша белгилүү милдетти, жана бүткүл дүйнө жүзүндөгү мусулман жана мусулман эмес өлкөлөрдүн ортосундагы мамилени билдирет.

5) Өнүгүү эреже катары, сулуулук, искусство жана маданият менен байланыштуу. Демек, исламдын сулуулук баалуулуктарына (*аль-кыям аль-жамилиях*) басым жасоо сунушталат. Куранга шилтеме жасоолор ажайып өсүмдүктөр жана гүлдөр дүйнөсүнүн, бакчалардын жана дарыялардын, ошондой эле Кудайдын канаттуулар, жаныбарлар менен деңиз жашоочуларын кереметтүү жаратуусун өөрчүтүү үчүн жердин ченемсиз мүмкүнчүлүктөрүн байытат. Бул жагдайда биз төмөндө келтирген эки белгилүү хадистин пайдалуу экендигин көрөбүз: “Аллах Өзү керемет, жана Ал сулуулукту сүйөт”, “Чындыгында, Аллах сулуулукту баарына тең бөлүштүргөн.” Ошентип, биз өз жөндөмдүүлүктөрүбүздү өз ара, айлана-чөйрө, башка коомчулуктар жана өнүгүүлөр менен мамилебизде көрсөтө да, колдоно да билүүбүз керек.

6) Адамдардын тең укуктуулугун, эркиндигин, гендердик адилеттүүлүктү жана аялдардын адамдык укуктарын коргоону камсыз кылуу иштерине бекем берилгендик. Биз ошондой эле коомдо өтө көп учурларда көңүл коштукка жана четтетүүгө дуушар болгон этикалык нормалардын, өнүгүүнүн келечектүүлүгүнүн акталышына көңүл бурабыз.[96]

7) Исламдын суннит жана шиит кыймылдарын жактоочулардын ортосундагы диний жаңжалдарды токтотууга берилгендик жана абалды чечкиндүү түрдө турукташтыруу. Бул чакырык бүткүл мусулман коомчулуктары менен элдеринин ортосундагы байланышын Куранда берилген насааттар менен жакындатуу маанисинде ташталат: “Чындыгында ыймандуулар – бир тууган. Ошондуктан бири-бириңер менен мамилеңерди түздөгүлө!» (Хужурат сүрөсү, 49:10). Бул Кудай жөнүндөгү илимдин биримдигинин негизги мааниси ишенимдин бардык алты бөлүгү (*иман*), диндин беш негизи (*аркан*) ислам жолун жолдоочулардын сүннөттөрдүн да, шииттердин да арасында бирдей кабыл алынып, тастыкталат.

Мен ошондой эле 2008-жылдын октябрында Ислам аналитикалык борбору катары иштеп баштаган Куала-Лумпурдагы исламдык изилдөөлөрдүн алдыңкы эл аралык институту (ИИАЭИ) тууралуу азыноо-

лак кеп кылып кетким келет.[97] ИИАЭИ – бул исламды жана азыркы учурдагы маселелерди изилдөөчү бейөкмөт институт. Бул институт XX кылымдын акыркы он жылдарындагы кайра жандануу талаш-тартышынын чөйрөсүн кеңейтүүгө, анын *фикх* эмгектерин, мусулмандардын эмне кийип, эмне ичерин ж.б. адаттарын, ислам өнүгүүсүнүн кененирээк темасы жана максаты боюнча үммөттүн кененирээк кам көрүүсүн эптеп эле көрсөткөн өтө тар түшүнүктөргө багытталган өнүгүүнүн жаңылануунун баштапкы көрүнүштөрүн карманат (*таджид хадари)*. Ошентип, адилеттүүлүк жана адилет башкаруу, жакырчылык, илим, технология жана айлана-чөйрө, ошондой эле исламдын башка өнүгүүлөр менен мамилеси сымал жетишээрлик көңүл бурулбай калган маселелер азыркы тапта Малайзия ИИАЭИнин изилдөөлөрүнүн негизги программасын түзөт. Институт "Ислам жана жандандырылган өнүгүү" аттуу ар төрт айда чыгарылуучу, саясатка, заманбап изилдөөлөргө багытталган журналды жарыкка чыгарат жана коомдук дебаттарды, конференциялар менен семинарларды өнүктүрүүдө негиз түзүү кызматын аткарат.[98]

# КОРУТУНДУ ЖАНА СУНУШТАР

Ислам идеялары басып алуучулук доор мезгилинин тушунда зыян тартууга дуушар болду деген күмөн туудурган кээ бир ойлордун агымына карабастан, "*таждиддин* мүмкүнчүлүктөрү үммөттүн түптөлүү мезгилинен баштап азыркы абалына чейинки туруктуу өзгөчөлүк мүнөзү катары эсептелип келүүдө. Бул мүмкүнчүлүктөр кээ бир факторлор тарабынан алсырашы же күчөшү мүмкүн, бирок коомчулукта сакталып калуусунун себеби, анын бүтүндөй түзүлүшү Куранда жана сүннөттө камтылгандыгында."[99] Жадагалса, батыштык мусулман маданиятында да азыркы күндө *таждиддин* мүмкүнчүлүктөрү жетишсиз. Биздин азыркы коомдун татаалдыгын аалым-*мужаддиддин* ролу өзгөртө алат, себеби *таждиддин* күн тартиби жана мамлекетти иреттүү башкаруу бүгүнкү күндө техниканын жана башка чөйрөлөрдүн адистеринен, ошондой эле уламалардан ар тараптуу эмгектерди талап кылууда. Бирок *таждидге* умтулуу жана үммөттүн муну ишке ашыруу мүмкүнчүлүгү көптөгөн мусулман өлкөлөрүндө исламдын кайрадан жандануу кыймылдарынын пайда болуусу менен ачык далилденди. «Ар бир мусулман коомчулугунда, борбордон алыс жайгашса да, *таждидге* болгон жашыруун энергия бардай"[100].

Азыркы учурдагы илим, *таждиддин* колдонуу чөйрөсүн орнотулган эрежелердин жана окуялардын чектеринен чыккан маселелерге чейин кеңейтти. Бул исламдын азыркы учур менен кагылышуусу жана үммөттүн ааламдашуу доорунда бет келүүчү маселелерди жоюунун натыйжасы. *Ислах* менен *таждидге* байланышкан идеялардын чындыгын тастыктоо маселелери ар качан илимпоздордун көңүл борборунда жана алардын арасындагы талаш-тартыштын башкы темаларынан болуп келген. Көбүнчө өзгөртүүчүлүк жана кайра жандануучулук талаш-тартыштын жайылтуу көлөмү кыскартылганына байланыштуу, өткөн окуяга берилүү идеясы аша чапкандык менен ашыра баалоого туш болду. Азыркы таптагы чечүүгө муктаж болгон жана дайыма мусулман демилгечилеринин тартылуусун талап кылган маселе – бул акыйкат, бирок кээде ислам ишениминдеги карама-каршылыктардын жана азыркы учурдагы маселелерге татыктуу жоопторду топтоонун ортосунда туура теңдештикти орнотуу болуп саналат.

Мисалы, адилеттүү башкаруу, экономикалык, илимий жана техникалык өнүгүү маселелери өткөн окуяларды кароо же укуктардын, диндин эрежелери аркылуу толук чечүүгө мүмкүн эмес. Илимдин жана өнүгүүнүн кененирээк маселелери, ошол эле учурда ислам баалуулук-

тарына карама-каршы келбеген ар тараптуу жоопкерчиликтин муктаждыгы тууралуу кабар берет. Эми мен кийинкилерди сунуштайм:

- *Таждид* – диний негиздер менен биргеликте кайра жанданууга жана коомдун өнүгүүсүнө жетүүнүн маанилүү куралы. Бирок, бул кеңири жана жалпыланган түшүнүк тар техникалык өзгөчөлүктөр жана ченемдүү түшүндүрүүлөр менен чектелбөөсү керек.
- Кайра жандануу жана *таждид* боюнча ислам дискурсу тарыхтын жана мезгилдин үстөмдүк кылган абалы менен чогуу келе жатат. Ал ички ар тараптуулукту жана жаңы маселелерди камтууну көрсөтө алды. Башынан эле *таждидди* ачык түшүнүү, кийинчерээк Кудай жөнүндөгү илимдин жана укуктук заманбап мектептердин ачыкка чыгышы менен чектөөлөргө туш болду. *Таждидге* байланышкан XX кылымдагы талаш-тартыш алгач алысты багынтууга багытталган, кийинчерээк ал Батыштын заманбаптыгы жана эл аралык чакырык таштоолор менен айыгышкан каршылашуу абалына өттү. Ошентсе да, *таждид* талаш-тартышы уланууда жана бара-бара кеңири түрдө жайылтылууда, көбүрөөк өзүнө тартууда жана эми бир гана жалгыз *мужаддиддер* үчүн эмес, ошондой эле кыймылдар, коомдун жана саясаттын ойчул башкаруучулары, билим берүү кызматкерлери, негизги массалык маалыматтар каражаттары жана кеңири мусулман коомчулугу үчүн да жоопкерчиликтүү. *Таджидди* мындан ары жалгыз эле жеке адамдардын жана *мужадиддердин* укугу катары эмес, андан да кененирээк түшүнүктө кароо керек.
- *Таждид* менен *ислах* бири-бирин чындыгында ислам негиздерин бурмалоо, туура эмес түшүндүрүү же кайдыгерлик мамиле жасалган учурда жаңылануу жана кайра жандануунун аракеттерин иш жүзүнө ашыруу милдетинде толуктайт. Ошентип, *таждид* оңдоп-түздөө жана реформалоо иш-аракеттерине ислах, исламдын жаңыланган окууларына өзгөртүүлөрдү киргизүү ыкмасы аркылуу жетүүгө муктаж болот.
- Ошондой эле *таждид ижтихад* менен толукталуусу абзел. Эгерде *таждид* өз ыкмасы менен башкарылбаса, анда *ижтихад* жана анын түрлөрү *усуль аль-фикхтин* иштеп чыккан ыкмалары менен байытылуусу зарыл. *Таждид ижтихадга* тиешелүү болуу зарылдыгын сунуштабастан, ал өз байлыктарына таянуусу керек. *Таждид* мүмкүн болушунча, албетте Куран менен сүнөттөн, ошондой эле *макасид* шарияттын кененирээк көрүнүшүнөн дем-күч алуусу керек. Ушул жол менен эле *ижтихаддын* эрежелери жана ыкмалары *таждиддин* юридикалык маселелерди чечүүдө колдонуусун толуктоосу зарыл.

- *Таждид фикхтин* темасы катары каралбайт жана аны кандайдыр бир жеке дисциплинанын өзгөчөлүктөрүнө тиешелүү деп айтууга да болбойт. Ал дисциплиналар аралык болуп саналат жана ислам окууларынын бардык чөйрөлөрүндө, жадагалса ислам баалуулуктарына каршы келген заманбап илимдин чөйрөлөрүндө да дем-күч берип, шыктандырат жана колдоо көрсөтөт. Бул *таждидге* болгон дисциплиналар аралык мамиле эми кененирээк таанууга татыктуу.
- Ар түрдүү философиялык ойлордон жана көз караштардан башат алган карама-каршы келген исламдык жана светтик доктриналардын синкретизмине жана жуурулушуусуна каршы болууга этияттык менен мамиле жасоо абзел. Үстүртөн дал келүүчүлүк чыныгы жуурулушууну алмаштыра албайт. Бул өз учурунда өсүүгө алып келүүсү ыктымал. Алдын ала ойлонуштурулган дал келүүчүлүк түбөлүк эмес, ошол эле учурда алдын алуучулук чыр-чатактардын келип чыгышынын себеби болушу мүмкүн.
- *Таждид* менен *ислах* кандайдыр бир окутуу дисциплинасынын өзгөчөлүгү менен чектелбөөсү керек, бирок ислам өнүгүүсүнүн, жоопкерчиликтин унутулуп бараткан негиздеринин жана адилеттүү башкаруунун, жакырчылыкка жана исламдын башка өнүгүүлөр менен исламдын негизги баалуулуктары менен жуурулушкан ыкмадагы катышына берилүүнүн кененирээк көрүнүшүнө көз салуусу керек.
- Чыңалган саясий кырдаалда, исламды күчөтүлгөн коркунуч катары көрсөтүүдө жана исламга массалык маалымат каражаттарынын бир жактуу мамилесинде, *таждидге* тең укуктуулукту жана ислам талаш-тартышынын тең салмактуулугун ишке ашыруу кыйынга турат. Чуулгандуу саясат, экстремизм жана зордук-зомбулук коомдук абалды басмырлоого дуушар кылган учурда, *таждиддин* күчү алсырай баштайт. Чыныгы *таждид* исламдын да, Батыштын да идеяларынын жана мамлекеттеринин жетекчилеринин жалпы максаты, жоопкерчилиги болгон туруктуулуктун жана тынчтыктын ылайыктуу абалынан пайда табат.
- Мусулмандар башка коомчулуктар жана улуттар менен адамдарды сатуу, баңгизаттарды колдонуу, оору, адеп-ахлактык уятсыз жүрүм-турумдар жана зордук-зомбулук сымал жалпы көйгөйлөрдү *таждидде* толугу менен катыша ала турган жаңычыл чечимдер аркылуу чечүү үчүн биригүүсү зарыл. Ошентип, ааламдашуу доорунда *таждид* мусулмандар жана мусулман эмес өлкөлөр үчүн эл аралык келечектүүлүктү жана көйгөйлөрдү биргелешип чечүү иштерин камтый алат.

- Калам теологиясынын жаңылануу боюнча жүргүзүлгөн иштерине карабастан, таухидге борборлоштурулган каламга күчтүүрөөк негиздерди таңуулоо үчүн, аны исламдын өздүк кайрымдуулугуна жакындаштырган келечектеги көнүм алууга дагы бир себеп бар. Ислам идеяларынын жетекчилери идеяларды жана иш-аракеттердин максатын иш жүзүнө ашырууну өз колдоруна алуусу керек.
- Таухидге жасалган басымдын жаңылануусу, анын мусулман элдеринин жашоосуна тийгизген таасири мусулмандардын ички биримдигине, айрыкча XX кылымдын акыркы он жылдыгында начарлай баштаган жана чечкиндүү оңдоп-түзөөлөрдү талап кылган эскичил суннит-шииттин бөлүнүп-жарылуусуна көңүл бурууга аргасыз кылаары айкын.

# ШИЛТЕМЕЛЕР

1. Джон О. Волль, “Renewal and Reform in Islamic History: Tajdid and Islah,” in John L. Esposito, ed., Voices of Resurgent Islam (Нью-Йорк: Oxford University Press, 1983),
2. Ибн Мансур аль-Ифрики, Lisan al-Arab, жана Мухаммед ибн Абу Бакар аль-Рузи, Mukhtar al-Sihah, – Аднан Мухаммад Имам, Al-TajdÏd fÏ al-Fikr al-IslamÏ (Beirut: Dar ibn al-JawzÏ, 2001).
3. Ибн Хажар аль-Аскалини, TawalÏ al-Ta’sÏs li-Ma’alÏ Muhammad ibn IdrÏs – Абду аль-Рахман аль-Наажи Ибрахим, “Al-TajdÏd: Min al-Nass ala al-Khitab: Bahth fÏ TarÏkhiyyat Mafhoom al-TajdÏd,” Al-TajdÏd (Kuala Lumpur: IIUM, 1420/1999).
4. Мубарак ибн Мухаммадаль-Жазари ибн аль-Атир, Jami’ al-Ulum li-AhadÏth al- Rasul, ed., Абд аль-Кадир аль-Арнаут, 3rd edn., (Beirut: Dar al-Fikr, 1983).
5. Жалаль аль-Дин аль-Суйити, Al-Jami’ al-SaghÏr – Аднан Мухаммад Иманах, Al-TajdÏd fÏ al-Fikr al-IslamÏ (Beirut: Dar ibn al-JawzÏ, 2001)
6. Юсуф аль-Карадави, Liqa’at wa Hiwarat Hawl Qadaya al-Islam wa al-Asr, (Cairo: Maktabah Wahbah, 1992).
7. Абду аль-Рахман аль-Наажи Ибрахим, “Al-TajdÏd: min al-Nass ‘ala al-Khitab: Bahth fÏ TarÏkhiyyat Mafhum al-TajdÏd,” Al-TajdÏd (Kuala Lumpur: IIUM, 1420/1999)
8. Хасан аль-Тураби, TajdÏd al-Fikr al-IslamÏ.
9. Абду аль-Рахман аль-Наажи Ибрахим, “Al-TajdÏd: Min al-Nass,”
10. Ибид.
11. Усман Мухаммад Бугеже, “Concept of Revitalisation in Islam,” (unpub-lished PhD thesis), http://dar-sirr.com/Tajdid.html,
12. Мухаммад Имарах, Azmat al-Fikr al-IslamÏ al-Mu’asir (Cairo: Dar al-Sharq al-Awsa~, 1990)
13. Ахмад Сидки аль-Дажжани, “Afkar fÏ al-TaghyÏr (Kuwait: Maktabat al-Awqaf, 1955).
14. Кененирээк маалымат үчүн караңыз: Абду аль-саттар аль-Саид, “TajdÏd al-Fikr al-IslamÏ” in ed., Махмуд Хамди Закзук, TajdÏd al-Fikr al-IslamÏ (Cairo: Wizarat al-Awqaf, 1430/2009).
15. Абу Бакр аль-Рафик, “al-TajdÏd wa Ahammiyyatuh fÏ al-Asr al-HadÏth,” in ed., Махмуд Хамди Закзук, TajdÏd al-Fikr al-IslamÏ (Cairo: Wizarat al-Awqaf, 1430/2009).
16. Аммар аль-Талиби, “Al-TajdÏd fÏ Fikr Malek Bin NabÏ,” in ed.,

Махмуд Хамди Закзук, TajdÏd al-Fikr al-IslamÏ  (Cairo: Wizarat al-Awqaf, 1430/ 2009)
17.	Юсуф аль-Карадави, Hawl Qadaya al-Islam wa al-‘Asr, 3rd edn., (Cairo: Maktabah Wahbah, 1427/2006)
18. Ибид.
19.	Абду Аллих аль-Халиб аль-Табризи, Mishkat al-MasabÏh, ed., Мухаммад Назир аль-Дин аль-Албани, 2nd edn., (Beirut: Al-Maktab al-IslamÏ, 1399/1979).  I, hadith no. 247. Бул аль-Кутуб аль-Ситтах  аталыштагы негизги  алты хадистер  китебинен  тандалып алынган хадистер жыйнагы. Бул хадистердин талдануусун жана алардын өнүгүүнүн кайра жандануусундагы маанилүүлүгүн Мухаммед Хашим Камалинин кийинки эмгегинен көрө аласыздар: Civilisational Renewal: Revisiting the Islam Hadhari Approach,  (Kuala Lumpur: International Institute of Advanced Islamic Studies, 2009)
20.	Усман Мухаммед Бугеже, in “Concept of Revitalisation in Islam,” (жарыкка чыга элек доктордук диссертация), http://dar-sirr.com/Tajdid.html,
21.	Аднан Мухаммад Имамах, Al-TajdÏd fÏ al-Fikr al-IslamÏ  (Beirut: Dar ibn al-JawzÏ, 2001)
22.	 Мухаммад Шамс аль-Дин (d. 1858 CE), ‘Awn al-Ma’bud Sharh Sunan AbÏ Dawud,  Аднан Имамах, Al-TajdÏd fÏ al-Fikr al-IslamÏ (Beirut: Dar ibn al-JawzÏ, 2001)
23.	Мухаммад Абд аль-Рааф аль-Манави, Fay· al-QadÏr.  Аднан Имамах, Al-TajdÏd fÏ al-Fikr al-IslamÏ  (Beirut: Dar Ibn al- JawzÏ, 2001)
24.	Суфи абу Талиб, “Al-TajdÏd wa arrat al-Tawazun,” аль-Азхар Үчүнчү Эл аралык Форумундагы конференциядагы жарыялаган макаласы,(Kuala Lumpur, 16 February 2008)
25.	Мухаммад Масад Яакут, “Na·arat fÏ HadÏth al-TajdÏd: fÏ Hadha al-Qarn Nahtaj ila Harakah TajdÏdiyyah Shamilah wa Mutakamilah wa MustanÏrah,” http://saaid.net/ aldawlah/359.htm.
26.	Аднан Имамах, Al-TajdÏd fÏ al-Fikr al-IslamÏ.
27.	Сингапур Улуттук Университетиндеги “Түштүк Азиядагы мусулман өзгөрүүлөрү” аттуу форумдагы Осман Бакардын “Малайзиядагы диний өзгөрүүлөр жана исламдаштырууга байланышкан талаш-тартыштыр” макаласы (5-6 Март, 2008)
28.	Ибид. Осман Бакар жаңылануу (таждид) жана кайра жандануу (ислах) биргелешкен түшүнүктөрүнө ылайык, коомдук адилеттүүлүктү орнотууга арналган рухий жаңылануусу жана коомдук өзгөрүүлөрдү айкалыштырган атайын ABIM р окуу программасын сунуштайт.  ABIM

1970-жылдардагы Малайзия коомуна олуттуу таасир эткен өз учурундагы жалгыз исламдык кайра жандануу кыймылы болгон.
29. Мухаммад Масад Яакут, “Na·arat fÏ HadÏth al-TajdÏd,”
30. Усман Бугеже, “Concept of Revitalisation,”
31. Абд аль-Рахман ибн Халдун, Muqaddimah Ibn Khald‰n, ed., Хамид Ахмад Захир, (Cairo: D¥r al-Fajr li al-Tur¥th, 1425/2004)
32. Бугеже, “Concept of Revitalisation,”
33. Халиль Ахмад аль-Сахаранфури, Badhl al-Majhud fÏ Hall Sunan AbÏ Dawud, ed., Таки аль-Дин аль-Надви, Kitab al-Malahim, bab ma yudhkaru fÏ qarn al-mi’atah, (Beirut: Sharikah Dar al-Basha’ir al-Islamiyyah, 1427/2006).
34. Ибид., Абду аль-Рахман аль-Наажи Ибрахим,“Al-TajdÏd: Min al-Nass,”
35. Айрымдар санак жыйынтыгы кылымдын аягында чыгарылат деп эсептещкен. Алгачкы мужадиддерден болгон Умар Ибн Абд аль-Азиз экинчи кылымдын башында, биринчи кылымдын аягында каза болгон. Ушул эле кылымда Пайгамбардын башкармалыгынын доору болуп эсептелет, ошондуктан дал ушул кылымдан биз жылсанакты баштайбыз деген көз караш бар.
36. Таки аль-Дин аль-Надви бул хадисти туура түшүнүү бир адамга же белгилүү бир коомчулукка жана аймактарда таждид менен эле чектелбейт жана анын маанилеринин көп түрдүүлүгү үчүн ачык деген тыянакка келген.
37. Хадисте жөн гана төмөнкүчө берилет: “Салимин биздей эле жөнөкөй адам, an ahl al-bayt – Salman minna ahl al-bayt.” Исам Ахмад аль-Башир, “Al-TajdÏd fÏ al-Fikr al-IslamÏ,” in ed., Махмуд Хамди Закзук, TajdÏd al-Fikr al-IslamÏ
38. Юсуф аль-Карадави, Ummatuna Bayna Qarnayn, 3rd edn., (Cairo: Dar al-Shuruq, 1427/2006), Idem, Min Ajli Sahwah Rashidah: Tajaddud al-DÏn wa Tanahhud al-Dunya (Cairo: Dar al-Shuruq, 1421/2001),
39. Ширин Хамид Фахми, “Man·aruna al-IslamÏ al-HadarÏ,” http://www. islamonline.net/arabic/contemporary/2005/09/article04.html. ошондой эле караңыз: аль-Нааж Ибрахим, “Al-TajdÏd: min al-Nass ‘ala al-Khitab,”Al-TajdÏd
40. Мухаммад Абид аль-Жабири, Al-DÏn wa al-Dawlah wa TatbÏq al-SharÏ’ah
(Beirut: Markaz Dirasat al-Wahdah al-Arabiyyah, 1996)
41. 1-тизмедеги Джон Волльдун талкуулоосун караңыз.
42. Суха Тажи-Фароки, ed., Modern Muslim Intellectuals and the

Qur’an, Introduction, (London: OUP and the Institute of Ismaili Studies, 2004)
43. Мухаммад Имарах, “TajdÏd al-Fikr al-IslamÏ жана Мухаммад Абдух ва Мадрасатух,” Kitab al-Hilal (Cairo, 1980)
44. Асад Абу Халил, “Revival and Renewal”, Джон Л. Эспесито, The Oxford Encyclopedia of the Modern Islamic World (OUP, 1995)
45. Ибид.
46. Абду аль-Рахман аль-Наажи Ибрахим, “Al-TajdÏd: Min al-Nass,”
47. Насар Меер, “Complicating ‘Radicalism’- Counter-Terrorism and Muslim Identity in Britain,” Arches Quarterly (London: Spring 2012)
48. Сайид Хоссейн Наср, Traditional Islam in the Modern World (London: Routledge and Kegan Paul, 1987)
49. Макках аль-Мукаррамахтын декларациясы,” Third Extraordinary Session of the Islamic Summit Conference (5-7 Dhu al Qi’dah 1426/7-8 December 2005)
50. Муртада Мутаххари, Reformation and Renewal of Islamic Thought, англ. которгон Мухаммад Замин & Зайнаб Аллаян, ed., Канжар Хамийах, (London: MIU Press, 2013)
51. Ибид.
52. Мутаххари, Reformation and Renewal
53. Мутаххари,, Reformation and Renewal
54. Аль-Нааж Ибрахим, “Al-TajdÏd: min al-Nass ‘ala al-Khitab,” Al-TajdÏd
55. Абдуллах Сайед, “Fazlur Rahman: A framework for interpreting the ethicolegal content of the Qur’an,” in ed., Тажи-Фароки, Modern Muslimintellectuals and the Qur’an (London: OUP and the Institute of Ismaili Studies, 2004)
56. Ибид.
57. Ибид.
58. Ибид.
59. Жамаль аль-Дин Атиях жана Вахбах аль-Зинали, TajdÏd al-Fiqh al-IslamÏ (Beirut: D¥r al-Fikr, 1422/2002)
60. Ибид.
61. Ибид.
62. Ибид.
63. Мухаммад Салим аль-Ава, Al-Fiqh al-IslamÏ fÏ TarÏq al-TajdÏd, 2nd edn. (Cairo: Al-Maktab al-Isl¥mÏ, 1998)
64. Ибид.

65. Мухаммад Хашим Камали: Shari'ah Law: An Introduction (Oxford: One-world Publications, 2008), Adaptation and Reform
66. Беш негизги макасиддерге: өмүрдү, динди, адамдын акылын, мүлкүн жана үй-бүлөсүн коргоо кирет. Бул тизмеге кошулган алтынчы нерсе - бул адамдын жеке кадыр-баркы же ар-намысы. Макасид жөнүндө көбүрөөк маалымат алуу үчүн караңыз: М. Х. Камали, Shari'ah Law: An Introduction (Oxford: Oneworld Publications, 2008).
67. Ибид.
68. Мухаммад Хашим Камали, Shari'ah Law: An Introduction (Oxford: Oneworld Publications, 2008), "History and Methodology of Maqasid." Ошондой эле караңыз: Maqasid, Ijtihad and Civilisational Renewal (London & Kuala Lumpur: IIIT and IAIS Malaysia, 2012). Дагы бир пайдалуу эмгек Али Жумахтын "TajdÏd U|al al-Fiqh," Махмуд Хамди Закзук, TajdÏd al-Fikr al-IslamÏ
69. Исам аль-Башир, "Al-TajdÏd fÏ al-Fikr al-Isl¥mÏ," ., Махмуд Хамди Закзук, TajdÏd al-Fikr al-IslamÏ
70. Ибид.
71. Ибид.
72. Абдул Хамид Абу Сулайман, Azmat al-Aql al-Muslim, 3rd edn., (Virginia: Al-Ma'had al-AalamÏ fÏ al-Fikr al-IslamÏ, 1994) Жабир аль-Алвани, Islah al-Fikr al-IslamÏ: Madkhal ila Niam al-Khitab al-IslamÏ al-Mu'asir, 3rd edn., (Virginia: Al-Ma'had al-AalamÏ lÏ al-Fikr al-IslamÏ, 1995)
73. Фавзия Бариум, Malek Bennabi, His Life and Theory of Civilisation (Kuala Lumpur: Budaya Ilmu, 1993)

74. Маймул Ахсан Хан, Human Rights in the Muslim World (Durham, NC: Carolina Academic Press, 2003)
75. Ибид.
76. Мутаххари,, Reformation and Renewal
77. Ибид
78. Мутаххари, Reformation and Renewal
79. Ибид.
80. Мутаххари,, Reformation and Renewal, quoting Muhammad Iqbal's
Man and His Faith
81. Мутаххари,, Reformation and Renewal
82. Мутаххари, Reformation and Renewal
83. Ибид.
84. Ибид.

85. Ареф Али Найед, Growing Ecologies of Peace, Compassion and Blessing: A Muslim Response to ‘A Muscat Manifesto’ (Dubai: Kalam Research & Media, 2010)
86. Ибид.
87. Ибид.
88. Мухаммад аль-Тирмиди, al-Jami’ al-SahÏh Sunan al-TirmidhÏ (Beirut: Dar al-Kutub al-Ilmiyyah).
89. Найед, Growing Ecologies of Peace
90. Ибид. Бир шилтемеде Нейед анын жүйүт окумуштуусу Стивен Кепнес, христиан окумуштуусу Дэвид Форд менен биргелешкен кудай тууралуу жазуу долбоорго катышкандыгы жана жүйүт, христиан жана мусулман теологиясынын келечеги жөнүндө үч параллелдүү китеп даярдагандыгы жөнүндө айтылат, бул китеп Blackwell of Oxford тарабынан басылып чыгууга максатташтырылган.
91. Ибид.
92. Шейх Абд аль-Гани Ашур, “Manhaj al-Ta¢amul ma¢a al-Qur’an wa al-Sunnah,” in ed., Махмуд Хамди Закзук, TajdÏd al-Fikr al-IslamÏ
93. Исам аль-Башир, “Al-TajdÏd fÏ al-Fikr,” Махмуд Хамди Закзук , TajdÏd al-Fikr al-IslamÏ
94. Ченемдүүлүк (wasatiyyah) динсиздик, ашыкча мыйзамдуулук, суфи тажрыйбалары жана башка ушул сыяктуу нерселерди ашкере колдонууга жол бербейт. Кененирээк маалыматты караңыз: Мухаммед Хашим Камали, Moderation and Balance in Islam: The Qur’anic Principle of Wasatiyyah (Kuala Lumpur: IAIS Malaysia, 2010).
95. Ибид.
96. Ибид.
97. Аталган жазуучу учурда Малайзия иизаинун негиздөөчүсү жана ардактуу мүчөсү.
98. Кененирээк маалыматты Малайзиянын иизаинун веб-сайтынан караңыз: www.iais.org.my. IAIS 2008-жылы түзүлгөндөн бери жүз жыйырмага жакын басылма басып чыгарды.
99. Усман Бугеже, “Concept of Revitalization,”
100. Ибид.

Ислам ойлорунун тарыхы ислах жана таждиддин эрежелеринде камтылган ички жандануулардын жана өзгөрүүлөрдүн үзгүлтүксүз салты менен мүнөздөлөт. Негизги максат – кайрадан жандандыруу жана өзгөртүү тартиптери аркылуу  Куран менен сүннөттүн өзгөчө көп кырдуу үлгүлөрүнө ылайык болгон чындыкты жана коомдук өзгөрүүлөрдү алып келүү. Ислах-таждид салты ар дайым мусулмандардын азыркы абалына чакырык таштайт жана түшүндүрүү ыкмалары, ижтихад аркылуу, ошондой эле исламдын алгачкы билдирүүлөрүнө карата негизсиз шек жаратууларды четке кагуу аркылуу Куран менен сүннөттүн жаңы түшүндүрмөлөрүн ишке ашырууга түрткү болот. Бул китептин негизги темасы – өнүгүүнүн кайрадан жандануусу ислам идеяларынын бөлүнгүс бөлүгү экендигин ачып берүү. Китепте таждид менен ислахтын мааниси, аныктамасы жана алгачкы булактары, алардын ижтихад менен болгон байланышы, исламдын тарыхындагы идея башчыларынын эмгектеринде жана алардын кошкон салымдарында орун алгандыгы тууралуу кеп козголот. Бул ошондой эле азыркы таптагы мусулмандардын күч-аракеттеринин өнүгүү жолундагы өз ара жуурулушуусун көздөп, аларды бүткүл элдин пайдасына кызматташ болууга багыттоочу таждид менен байланышкан формулаларды жана колдонмо эрежелерин иштеп чыгат.

Ислам ойлору Эл аралык институту (IIIT)